Эрнст Модерзон

# ШАЙТАНДЫН КИШЕНДЕРИНДЕ

МОДЕРЗОН ШАЙТАНДЫН КИШЕНДЕРИНДЕ 14.248

Азгырыкка түшпөс үчүн сергек
болгула жана сыйынгыла

Матф. 26; 41

Ernst Modersohn
Im Banne des Teufels

Эрнст Модерзон
В оковах сатаны

Биринчи басып чыгаруусу 1995
Эрнст Модерзон
Шайтандын кишендеринде
© Луч Надежды
© Кайрымдуулуктун диний өкүлдүгү
„ҮМҮТ НУРУ“

Эрнст Модерзон

# ШАЙТАНДЫН КИШЕНДЕРИНДЕ

ЛУЧ
НАДЕЖДЫ

# МАЗМУНУ


Сөз башы ........................................ 7

Мен бул темага кандайча келдим ................ 9

Ыйык Жазууда эмне деп айтылат ................ 17

*Балдарды курмандыкка чалуу* ................ 18

*Бал ачуу* ........................................ 19

*Белгилер менен көрүнүштөрдү түшүндүрүү* ........ 22

*Сыйкырчылык* ................................. 27

*Жиндерди дубалоо (Арбактарды арбоо)* ...... 33

Бул кандайча жасалат? .......................... 40

*Сөөлдөрдү ырымдоо* .......................... 40

*Тиш ооруну ырымдоо* ........................ 44

*Пасха майрамынын суусу* .................... 47

*Асмандан түшкөн жана оттуу каттар* ..... 51

*Мусанын 6,7-китептери* ..................... 51

Сыйкырчылыктын салакалары .................. 55

*Сыйынуу үчүн кубаты жоктугу* ............ 55

*Тынчтыктын жоктугу* ......................... 56

*Өзүн өзү өлтүрүү жөнүндө ойлор* ......... 57

*Жаман маскаралоочулук ойлор* ............. 57

*Кудайдын Сөзүн түшүнбөөчүлүк* ............ 59

*Өлтүрүү жөнүндө ойлор* ..................... 60

Карта менен төлгө ачуу жана анын салакалары ........ 64

Арбактар менен баарлашуу (спиритизм) ...... 73
*Чөйчөктү айландыруу* ........................ 74
*Магнетизм* ........................ 77
*Коркунучтуу эксперименттер* ........................ 78
*Көз байлоо (гипноз)* ........................ 81
*Теософия* ........................ 86
*Спиритуализм* ........................ 88
*Астрология* ........................ 92
Шайтандын кишенинен кантип бошонсо болот ........................ 94
*Күнөөнү моюнга алуу* ........................ 94
*Өкүнүү* ........................ 97
*Ишеним жана сыйынуу* ........................ 98
*Сыйынуунун жардамы* ........................ 100
*Мындай учурда эмне кылуу керек?* ............ 100
*Орозо* ........................ 101
*Колдорду үстүнө коюу менен сыйынуу* ........ 101
*Ыраазычылык* ........................ 102
*Ыйсанын ысмын чакыруу* ........................ 102
*Кудайга жалаа жапкан ойлорду айтпоо* ..... 103
*Сыйкырчылыктын буюмдары менен китептерин жок кылуу* ........................ 103
*Библияны дайыма окуу* ........................ 104
*Сыйынуудагы туруктуулук* ........................ 105
*Кудайдын балдары менен мамиледе болуу* .... 106
*Кудай менен алака* ........................ 107

# СӨЗ БАШЫ

Бул китепте мен силерге оккультизмдин караңгы дүйнөсү жөнүндө илимий изилдөөлөрдү сунуш кылбайм. Менин тилегим – түрдүү көз боочулуктун айынан шайтандын чынжырына чырмалып, андан кантип бошонууну билбегендерге жардам берүү. Мындайларга жан-дилим менен жардам берип, кеп-кеңеш айтып, эркиндикке барчу жолду көрсөтүп бергим келет. Ошондой эле шайтандын чынжырына чырмалып калганын билбей жүргөндөргө да жардам берсем дейм. Андайларга айтар кебим-карта ойноо, төлгө ачуу, арбактар менен сүйлөшүү (спиритизм), көз боочулук (гипноз), магнитопатия жаман жагдайларга алып келет. Мындай адамдарда караңгылыктын бийлигинен бошонуу ышкысы пайда болушун каалайм. Үчүнчүдөн, Кудайдын Сөзүн жайылтууга чакырылгандарга кызмат көрсөтсөм дейм. Тилекке каршы, сыйкырчылыктын кеңири тарап кеткен күнөөсү жөнүндө өтө аз айтылат, ошондуктан көптөгөн адамдар Кудайга ишенүүнүн жолун таба алышпайт.

Мен күбөлөрдүн өздөрүнө сөз берүүнү артык көрдүм. Себеби куру насыятка караганда, күбөнүн сөзү бир топ ишенимдүү болот эмеспи.

Жогоруда сөз болгон маселелер жөнүндө макаларымды жумалык газетада жарыялай башта-

гандан кийин, көптөгөн каттарды алдым. Аларда адамдар турмушунда эмне үчүн алга жылуу болбой жүргөндүгүн эми гана түшүнгөндүгүн жазышкан. Ошондуктан ушул китеп ак жолуңарды ачып, караңгы дүйнөңөргө жарык нур берип, дагы көптөгөн адамдар Кудайдын керемет тынчтыгына ээ болушун каалайм.

Эрнст Модерзон, 1924.

# МЕН БУЛ ТЕМАГА КАНДАЙЧА КЕЛДИМ

Алгач ушул китепти жазууга эмне түрткү болгондугу жөнүндө айтып берейин.

Бир нече жыл мурда, Жакшы Кабар таратуу чогулуштарында пастор Шренк сыйкырчылыктын жана Кудайдын атынан кыянат пайдалануунун күнөөсү жөнүндө көп айтканын укчумун. Ошону угуп отуруп ойго батчумун: „Булар тууралуу ал эмнеге эле көп айтат? Биздин күндөрдө андай иштер менен алек болбой калышпады беле. Кантип эле азыр да кимдир бирөөлөр көз боемоочулар менен төлгөчүлөргө ишенишсин? Илим-билимдүү биздин күндөрдө ырым-жырымчылыкка орун жок!“

Жан дүйнөнү тазартуу ишин аткарып жүргөнүмдө, буга карама-каршы нерсени баштан кечирүүгө туура келди. Кыдырып жүргөн Жакшы Кабарчы жыйындын чиркөө кызматчысына (пастор) караганда, адамдардын жан дүйнөсүн көбүрөөк тазалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кудайга жалаа келтирген ойлор менен кыйналып жүргөн адамдар мага келишет. Андай ойлор алардын жүрөгүнөн жаралбасын билишсе деле, аларга таңуулай беришет. Чынында мындай жаман ойлорго аларды кандайдыр бир бөтөн күч түртөт. Мындай жаман ойлор, айрыкча, Ыйык Рухка каршы ойлор сыйынар алдында, Библияны окугусу келгенде же сыйынуу чогулушуна барарда арбайт.

Мындай адамдарды жакындан сураганымда, аларды жаш кезинде же бала чагында бүбү-бак-

шыларга алып барышкандыгын билдим. Баягы кары пастор Шренк эмнеге эле ушул маселени көп ирет кайталай бергендигин эми түшүндүм. Демек, бул жерде кандайдыр бир байланыш бар экендигин сездим да, бүбү-бакшыларга кайрылгандан кийин, Кудайга жалаа келтириш кеп эмес экендигине биротоло ишендим. Эми мага баары беш колдой белгилүү болду. Кудайга жалаа келтиргендерди силер качандыр бир убакта эмчи-домчуга кайрылдыңар беле деп сурабай эле, ишенимдүү түрдө минтип айтчумун: „Силер эмчи-домчулар менен байланышта болгон экенсиңер“. Алар чочуп кетип сурашат: „Сиз муну кайдан билесиз?“ мен аларга пасторлук кызмат кылып жүрүп, Кудайга акарат кылуу – бул оор күнөөлүү эмчи-домчулуктун натыйжасы экендигине жүзүм жеткенин (ишенгенимди) айтып берем. Ал турмак, айрымдары эч нерсе билбейбиз дешип, муну танган учурлар да болду. Анда мен аларды апаңардан сурагылачы деп жөнөтөм. Натыйжасы дээрлик бардык убакта бирдей чыкку: „Ооба, ошондой болгон экен.“

Ал эми ата-энелери кайтыш болуп калганда, муну далилдешке мүмкүн эмес болуп калат. Бүбү-бакшыларга барганын апасы танган учурлар да болду. Мындай учурда чоң энеси же баккан аял, же жакындарынын бири баланын кыйналганына жардам берүү үчүн жасачу.

Мезгил өткөн сайын, бул байкоолорума башкалары да кошулду. Жан дүйнөсүнүн тынчтыгын каалаган адамдар менен да аңгемелешем. Аларга мен Куткаруучудан үмүт кылуусун көрсөтөм, бирок алардын сыйынуулары менен аракеттери текке

кетип жатты. Алар ишенимди ала албай жүрүштү. Кандайдыр бир күч буга тоскоол болуп турду.

Эмне үчүн айрым адамдар ишене алышпаганынын жана жан дүйнөсүнүн тынчтыгына жетише албастыгынын себептерин издеп, акыры таптым. Көрсө, мындай учурларда адамдар караңгы иштерге өздөрү ык тартышып турат тура. Муну мен бир нече жолу байкадым. Мындай окуялар өтө көп кездешти, натыйжада менде мындай ишеним орноду: бүбү-бакшылар менен байланышта болгондордун Кудайга ишенүүсү кыйын болот.

Ушундай эле абал жогоркудай күчтөргө өздөрү ишенеби же жокпу-анысына карабай, өздөрүнүн келечегин төлгөчүлөр жана картачылар аркылуу билгиси келгендерде да болорун байкадым. Ал турмак, тамаша деп ойлогон учурларда да, ушундай абалга туш болуу кездешет. Библиялык курста болгон окуя эч эсимден кетпейт. Ошону силерге айтып берейин.

Бир жаш адам өтө олуттуу түрдө тобо кылгысы келди. Ал Кудайга ишенген адам болгусу келди, буга ата-энеси жакшы өрнөк болду, жан дүйнөсү үчүн бул зарыл экендигин ал түшүндү. Мен ага ишенүүнүн жолун көрсөтүп, Кудайга бирге сыйындык, бирок бул эч жардам бербеди. Биз аңгемебизди кайталадык, бирок баары текке кетти. Эми мен ишенимдеги тажрыйбалуу бир тууганыма жардам сурап кайрылдым, ал да окуу жайда катышып жүрчү. Бирок бул аңгемелешүүбүз да пайдасыз болду. Үчүнчү адамыбызды чакырсак да, иш ордунан жылган жок. Айла кеткенде, жаш адамдан бүбү-бакшылар менен байланышта болгон жок

белеӊ, – деп сурадым. Мындай болушу мүмкүн эмес деди ал, себеби анын ата-энеси чыныгы ишенген адамдар эле, мындайга алар жол бермек эмес. Сен өзүӊ эмчи-домчулук кылган жок белеӊ деген суроого, студент кезинде бир жолу тамаша иретинде карта менен төлгө ачкан аялга барып, келечегин айтып берүүсүн өтүнгөнүн айтты. Мен ага минтип айттым: „Ишенимдин жолуна түшө албай жатканыӊыздын себеби мына ушунда. Бул тамаша себебинен сиз жаман күчтөрдүн таасирине кирипсиз“. Жаш адам жылмая, мындай болушу мүмкүн эмес, анын себеби башкада болуш керек деп жооп берди. Ошентип, мен айткан насаат сөздөрдү кабыл албастан, жан дүйнөсүн ыраазы кыла албай, үйүнө кетти.

Ушул маселелер боюнча мага көптөгөн мисалдар белгилүү, ошондуктан лекцияларымда ушулар тууралуу көбүрөөк айтчу болдум. Мурда карыя пастор Шренк кандай жасаса, эми мен да ошондой жасап калдым. Натыйжада менин лекцияма ушундай күнөөдө жүрүп, нааразы болгон көп адамдар келе баштады. Эмчи-домчулук менен байланыштагы адамдар менен канчалык көбүрөөк байланышта болгон сайын, бул тууралуу газетама жазуу муктаждыгы ошончолук зарыл боло берди. Мунун натыйжасы да жогоркудай болуп, ушул маселе боюнча мага каттар келип, анда адамдар күнөөлөрүн моюндарына алышчу. Эми дээрлик ар бир күнү бул маселени оозеки же жазуу түрүндө чагылдырууга туура келет.

Эмчи-домчулуктун коркунучтуу күнөөсүнүн залакасы эл ичинде канчалык тескери таасир калты-

рарын, дагы канчалаган адамдар бул күнөөнүн эзүүсүндө жүргөнүн жана дагы канчасы шайтандын чынжырына чырмалып жашап жүргөндүгүн өз тажрыйбамдан билип калдым.

Пасторлор лекцияларында, окууларында мына ушулар туурасында эмне үчүн аз айтышарына таң калам! Сыйкырчылыктын коркунучтуу күнөөсүнүн таасиринде калган бүтүндөй аймактар бар, ал эми эмчи-домчулук элдик медицинанын кызматын аткарып жатат. Маселен, сөөлдөн арылуу үчүн врачка кайрылбай, ооруну токтотуп коюуга жөндөмдүү кемпирди табууга аракет кылган учурлар белгилүү. Эгерде кемпир жардам берсе, мунун эч жаман жагы жок деген пикир ошол замат эле түзүлүп калат. Айрыкча Кудайдын Сөзү пайдаланган учурларда. Анда бул көпчүлүктүн пикири боюнча жакшы жана ыйык иш деп саналат.

Мындай пикирди эмчи-домчулукка кайрылгандар гана эмес, өздөрү эмчи-домчулук кылгандар да айтышат. Алар мунун өзү Ыйса Христостун мезгилинен бери эле сакталып келаткан дарылоочу каражат деп, тартынбай эле айтышат. Жана буга каршы күрөшкөндөрдү, бул күнөө деп далилдегендерди чынында мындай иш кылып, ал өзү күнөөгө батууда, мунусун ал мойнуна алышы зарыл дешет. „Эмчи-домчулукка каршы болуу – чоң күнөө“ дешет ушундай ишке баргандар. Бирок дагы бир жолу баса белгилегим келет: эмчи-домчулукту аң сезимдүү түрдө жасоо, эгер адам чын жүрөгүнөн күнөөсүн мойнуна алып, тобо келтирбесе, бейиштин эшигин өзүнө жаап таштайт, ушул өзгөчө коркунучтуу күнөө.

Ооба, бул күнөөнү ушунчалык айыпсыз көрсөтүп, ал турмак, аны библиялык каражат деп атаган азгырма, шайтандын эмгеги чынында эле зор эмгек. Бирок бул – күнөө, бул үчүн Кудайдын Сөзү эң жогорку сот менен соттойт.

Жогоруда сөз кылган бардык жагдайлар ушул багытта өз тажрыйбамды башкалар менен бөлүшүүм керек деген ички ынтызарлыкка алып келди. Көпчүлүгү муну күнөө деп эсептешпейт, алардын турмушунда буга окшогон таң калыштуу жагдайлар болуп жаткандыгын жана эмне үчүн алар жан дүйнөсүнүн тынчтыгын жана кубанычын таба алышпай жаткандыгын түшүнүшпөйт. Аларга минтип айткым келет: „Карагыла! Анын себеби бул жерде! Силер тобо кылып, катаңарды моюнга алып, аны күнөө деп эсептемейинче, азезилдин торунан бошоно албайсыңар“.

Адамдын жаны жөнүндө пастордук кам көрүү кызматын аткаргандарга да көмөк көрсөткүм келет. Жогоруда эскертилген күнөөлөрдө тескери күчтөр катылуу экендигин көпчүлүк биле бербейт. Алар бул тууралуу айтышпайт, айтуудан качышат, ошондуктан көпчүлүгү өздөрү жабыр тартып жүргөн каргыш менен кыйналып, эзилүү каяктан келип чыгарын түшүнүшпөйт.

Бул окуялар менен байкоолорумду желкем жар бербей, араң жаздым,себеби бул иш аркылуу азезилдер дүйнөсүнө кирип барганымды жакшы билем. Шайтан болсо менин бул билгендеримди даана, ачык, так чагылдырышыма жол бербешке аракет кылат.

Шайтан Кудайдын Сөзүн таркатууну кечеңдетүү-

гө аракет кыларын өз турмушумдан улам билем. Мен миссионердик (жакшы кабар таратуу) ишке жөнөр алдында өзүм же жакындарымдын бирөө сыркоолоп калат. Мындай негизсиз тоскоолдуктар канчалык көп болгон сайын, Кудай үчүн иштер ошончолук көбөйүп кетет, душман болсо сени алып калгысы келет. Жакшы кабар таратуу – бул шайтандар өлкөсүнө аскердик чабуул. Мындай учурда ал да бардыгын жасагысы, тоскоол келтиргиси, жеңишке жетишкиси келет.

Бир жолу, Эгин оруп жыйноо майрам күнү бизде чогулуш болуп, ишенимдеги үч бир тууган: „Ыйык Рух келип, жалган дүйнөнү ашкере кылат," деген темада насаат айтышты. Биринчиси „Мага ишенишпей жаткан күнөө" жөнүндө айтты. Экинчиси „Мен Өз Атама бара жатканыман, мындан ары силер Мени көрбөй кала турган адилеттик жөнүндө" айтты. Мага болсо „Бул дүйнөнүн төрөсү соттолгон сот жөнүндө" айтууга туура келди. Мен муну өзгөчө кубанып жасадым, себеби Голгофада биздин Куткаруучубуз шайтандан бийликти тартып алган, ушунусу менен бул дүйнөнүн төрөсү толук бойдон жеңилип жана түбөлүккө жазаланган. Тилекке каршы эмне болду! Менин турмушумда кийинки жума кандай коркунучтуу болгондугун билсеңер болмок! Аябай кыйналууну баштан кечирдим! Кудайга ыраазымын, Ал Өзүнүн ырайкерлиги менен мага жардам берди. Шайтан кандай гана каражаттарды колдонбоду дейсиз! Шайтанды жазалоо жана анын үстүнөн улуу жеңишке жетишүү жөнүндө кеп кылганда, азезилдин дал өзүнө туш болуп жатканыбызды түшүндүм. Мен мына

ушул тууралуу күбөгө өткүм келет. Шайтан мага каршы бардык күчүн топтоорун мен алдын-ала билем. Тирүү Кудай менен мамиледе жүргөндөрдөн суранарым – менден мээримиңерди аябагыла да, калкалап калчу боорукерликти Кудайдан тилегиле, себеби эмчи-домчулуктун күнөөсүн ачып берүүгө аракет кылган жана шайтандан, анын чынжырынан кантип бошонууга кеңеш берген бул макалам үчүн, душман менден өч ала албасын.

Теңиримдин керемет эркиндигине ээ болуучулар кубанычка кучагы толсун үчүн, Кудайым бул китепке ак батасын берсин!

# ЫЙЫК ЖАЗУУДА ЭМНЕ ДЕП АЙТЫЛАТ?

Ыйык Жазууда бул маселе бир нече ирет чагылдырылат. Белгилей кетүүчү негизги орун – бул Мусанын 5-китеби 18, 9-14. Мында Кудай Муса аркылуу Израиль элине, Кудай Өзү алар үчүн даярдап койгон жерге барганда, колдонуучу насаат кептерди айтат. Анда минтип жазылган: „Жараткан Теңир, сенин Кудайың, бере турган жерге сен барган кезде, бул эл жасаган жамандыктарды үйрөнө көрбө. Өз уулун же кызын оттон өткөрүүчүлөр, көзү ачык, төлгөчү, сыйкырчы, балчы, кайыптан кабар берүүчүлөр болбосун. Арбактарды чакыруучу ырымчы-жырымчылар, өлгөндөрдү сурап козгоочу мастендер болбосун. Анткени муну кылгандардын жоругу Теңирдин алдында тескери жорук, бул өтө жаман иштер үчүн Жараткан Теңириң, сенин Кудайың аларды сенин бет алдыңан кубалайт. Жараткан Теңириң, сенин Кудайыңдын алдында кемтиксиз бол. Анткени сен кубалап жаткан бул эл көзү ачыктар менен сыйкырчы төлгөчүлөрдүн сөзүн угат; а сага Жараткан Теңир, сенин Кудайың мындайга уруксат берген эмес“.

Ушуларды окуп отуруп, Кудай алдында жийиркенич иш болгон бир топ күнөөлөрдүн тизмесине кез болобуз. Көз алдыбызга сыйкырчылык менен төлгөчүлүктүн элеси менен коркунучтуу дүйнөсү тартылат. Окулгандардан көрүнүп тургандай, Кудай бизди мындай иштер менен алек болбогула деп, ачык-айкын жана түшүнүктүү кылып, тыюу салып жатат.

## *Балдарды курмандыкка чалуу*

Биринчиден, израилдиктердин арасында өз балдарын оттон өтүүгө мажбурлагандар жок болушу керек деп айтылган. Ал мамлекеттин жашоочуларында балдарды Молохко курман чалган коркунучтуу адат бар эле. Курмандыкка тун балдар чалынчу. Ошол кудайдын-моло таштын ортосу ичинде от жагууга мүмкүн болгудай бош болучу. Кыпкызыл болуп ысыган колдорго кичинекей наристелерди таштап, алар кыйналып жатып өлүшчү.

Кудайдын берген белеги болгон-балдарды-моло ташка курмандыкка чалган адамдардын күнөөсү эң коркунучтуу. Мындай кызмат коркунучтуу жана катардагы адамдар үчүн жан кейитээрлик нерсе болгону менен, Израиль эли үчүн бул сейрек көрүнүш эмес эле. Бул тууралуу биз Падышалыктын 4-Китебинен (17,17) окуй алабыз. Өзүнүн жасаган иши үчүн Ассирияга туткунга берилген Израиль элинин тарыхы көз алдыбызга тартылат. Анда мындай деп жазылат: „Өздөрүнүн уулдарын, кыздарын оттон өткөрүү менен, төлгө ачышчу, сыйкырланышчу, Теңир алдында жакпас иштерге берилип, Анын каарын келтиришчү“. Мындай пайгамбарлар бүт Иудей жеринде чыгып келаткан. Падышалыктын 4-Китебинде Иудеядан чыккан Иосия „Енном өрөөнүндөгү Тофетти (Жийиркенич жай)... кыйратып салгандыгын (23,10) билебиз, бул Молохтун келбети болучу. 16-баптагы 3-аятта иудей падышасы Ахаз „Кудай Израилдик уулдардын алдынан кууп жиберген элдердин жийирке-

ничтигин туурап, өз уулун оттон өткөргөнү“ жөнүндө айтылат. Кудайга ишенген падыша Езекиянын уулу Манассия жөнүндө да ушуну окуса болот. „Жана ал өз баласын оттон өткөрүп, төлгө ачып, өлгөндөрдү чакыруучулар менен сыйкырчыларга жол менен эркиндик берип, Анын каарын келтирүү үчүн, Кудай алдында көптөгөн жакпас иш жасады“ (4 Пад. 21,6).

Ошентип, балдарды курмандыкка чалууну Кудай тыюу салат. Бирок мындан башка да байыркы үрп-адаттар бар, алар биздин күндөрдө да кеңири колдонулуп, бизди тымызын бутпарас дүйнөгө тартып турат.

## *Бал ачуу*

Мусанын 5-китебиндеги 18-баптан ошол мезгилдеги бал ачуунун күнөөсү жөнүндө окуй алабыз. Анда алдын-ала айтуучулар, бал ачуучулар жана башка жөнүндө айтылат.

Алар деги кимдер болушкан?

Целлердин Библиялык сөздүгүнөн төмөндөгүлөрдү окуйбуз: „Бал ачуучулар ар кандай ыкмаларды колдонуп, жабык эшиктерди черткилеп, каардуу кара күчтөр менен байланышып алып, алар үчүн жабык болгон жиндер дүйнөсүнө күч менен жулунуп киргилери келишет“.

Адамдар алдын-ала айтууга кандайча кабыл болушту?

Адамдын жүрөгүнүн түпкүрүндө келечектин сырын калкалап турган парданы ача алсам деген үмүт жашайт. Туура иш кылыш үчүн келечегин,

Кудайдын эркин билип алууну көпчүлүк эңсейт. Бирок мындай каалоого жоопту Кудай Өзүнүн Сөзү аркылуу Ыйык Рух менен жооп берет.

Түбөлүктүүлүк жана келечек жөнүндө биз билүүгө зарыл болгондордун бардыгын бизге Кудайдын Сөзү ачып берет. Библияда айтылган эң сонун нерселер бизди толук канааттандырат деп эсептейм. Кудайдын балдары катары биз Анын мураскорлору болуп эсептелебиз жана да, биз үчүн чындык өкүм сүргөн жаңы асман жана жаңы жер болот деп ишенсек, анда Христостун да кызматкерлерибиз.

Кудайдын айткан сөздөрүнө адамдар ыраазы болушпайт. Алар мындан да көптү билгилери келишет. Эгерде Кудай бул каалоону канааттандырбаса, анда адам Кудайдын эркине каршы келсе да, келечектин сырларына сүңгүгүсү келет.

Алар үчүн түбөлүктүүлүк эмне берерин кандай гана жол менен болбосун билгилери келет. Жашоо жолунда адам кантип туура жүрүүнү билгиси келсе, Кудай аны Өзү Ыйык Рух аркылуу үйрөтөт. Ыйык Рух аркылуу Ал бизди насааттайт жана турмуштук кыйын маселелерге жооп таап берет, жашоонун чечүүчү учурларында эмне кылышыбызды үйрөтөт. Кудай Ыйык Рух аркылуу бизди башкарып турат. Бирок Кудайдын бул баалуу жетекчилигин Кудайдын балдары болгондо гана алабыз жана сезебиз. Ыйык Рух жетекке алгандар Анын балдары деп, Павел Кабарчы айтпады беле. Кудайдын балдарынын укугу менен Ыйык Рухтун жетеги өз ара айкашып турат. Болгону адам муну дайыма эле түшүнө бербейт.

Адамдар Кудайдан жок нерсеге болгон эңсөө-

рүнө жооп ала албай, кызыккандарына канааттанышпай, анан төлгөчүлөргө кайрылышат: Кудай айтпай койгондорду төлгөчүлөр аркылуу шайтан айтыш керек.

Алдын-ала айтуу ар бир элде ар түрдүүчө өнүгөт. Кудайлар келечекти билишет жана эгер адам туура сураса жана кудайлар берип жаткан белгилерди туура түшүнө билүүнү үйрөнсө гана аны адамдарга ачууга даяр деген ой алдын-ала айтуунун негизин түзөт. Бүтүндөй бутпарастык дүйнө кара күчтөрдүн таасиринде, ошондуктан алдын-ала айтуу азезил күчтөр катышпай, алардын кызматташуусу болбой мүмкүн эмес.

Бул күндөрдө алдын-ала айтуу жөнүндө туура жыйынтык чыгаруу үчүн, бул мурда кандайча жасалгандыгын билүүбүз керек. Көрсө, бардык байыркы ыкмалар биздин күндөрдө да колдонулуп жатыптыр. Мурда сөз жана адамдын инсаны аркылуу алдын-ала айтышчу, ар түрдүү белгилерди чечмелөө аркылуу да алдын-ала айтышчу. Сөздүн жардамы аркылуу алдын-ала айтууну белгисиз дүйнөгө кандайдыр бир жол менен аралаша алган адамдар колдонушчу, ушул аркылуу алар өздөрүнүн келечеги жөнүндө Кудайдын эркин билип турабыз дегенчелик кылышчу.

Биз кандайдыр бир жогорку дүйнөдө турабыз деп айтышат алдын-ала айтуучулар. Чынында эле, алар мас кылуу жиндеринин же башка жолдордун жардамы аркасында элирип берилүү (экстаз) абалын түзө алышат. Адатта, аялдар төлгө салып, бал ачышчу.

Биздин мезгилде көпчүлүк аялдар ушундай

жөндөмгө ээ. Алдын-ала айтууларды (көзү ачыктарды) угуп отуруп, биз Кудай жана Анын Рухуна баш ийбеген адамдар менен мамиледе болуп жаткандыгыбызды Апостолдордун Иштеринен, 16-бапта окуйбуз. Филипийде Апостол Павел бал ачуу, көзү ачык жинине азгырылган кызматчы аялды кезиктирди. Ага наараазы болуп, жинге кайрылып минтип айтты: „Ыйса Христостун ысымынан андан чыгышты сага буюрамын“. Аял „Бул адамдар – Эң Жогорку Кудайдын кулдары, бизге куткарылыш жолун жарыялап жүрүшөт“ деген сөздөн башка эч нерсе айтпаганы менен, анын ичинде жин бар экенин Павел сезген. Аялдын бул айткандары карандай чындык болгону менен, аны жалгандын атасы жетектеп жүргөнүн Павел түшүнгөн. Ошондуктан аялдын оозу менен сүйлөгөн жинди ал андан кууп чыгарат. Көп өтпөй, шайтан Павел менен Силадан өч алат. Алар кансыраганча таякталып, зынданга ташталат.

Алдын-ала айтуунун биринчи ыкмасы – адам эс-акылын кара күчтөрдүн карамагына берет жана ошол аркылуу шайтан түздөн-түз аракет кылат. Кеңири таралган экинчи ыкма – бул:

## *Белгилер менен көрүнүштөрдү түшүндүрүү*

Кудайдын эркин билүү үчүн, алар белгилерди талап кылышты. Осия китебинде 4, 12 минтип айтылат: „Менин элим өзүнүн жыгачын сурайт жана анын белги таягы ага жооп берет“. Муну мындайча жасашкан: жерге жыгач белги таяк ташташкан да, анын кандайча түшкөнүнө карап, жыйынтык чыга-

рышкан. Мындай суроо салуу карта менен алдын-ала айтууга окшош. Муну тыйын ыргытуу менен да салыштырса болот. Анын алды же арты чечүүчү болот.

Ушуга окшош эле идиш менен бал ачуу да бар. Муну биз Жусуптун Египеттеги күндөрүндө гана эмес (1 Муса 44,5), биздин учурда да кездештиребиз. Жаңы жыл алдындагы бал ачууну да эстеп көргүлө.

Байыркы мезгилде өзүлөрүнүн үйүндөгү арбактарын сураштырууну жакшы билишер эле. Муну кандайча кылганы бизге белгисиз. Биздин мезгилде айрымдар, ал турмак, Кудайга ишенгендер да, Библияны төлгө ачуу үчүн пайдаланышат. Бул мындайча жасалат: Библияны алышат да, барактын оң же сол жагындагы канчанчы аят ойлонуштурулган суроого жооп болору белгиленет, андан соң, карабастан туруп Библияны ачышат. Ойлонуштурулган аятты окуу менен, Кудайдын жообун билүүгө аракет кылышат. Бул тескери иш үчүн, экинчи осуятта жазылган тыюу салуу эске алынбай, Забур жыйнагы да пайдаланылат.

Кийинчерээк келечекти алдын-ала айтуу үчүн, түрдүү окуяларды байкашты жана изилдешти.

Биринчиден, буга күндүн, айдын жана жылдыздардын тутулушуна байкоо жүргүзүү кирет. Күндүн күркүрөшү менен чагылганга (айрыкча күн ачык мезгилде) маани беришчү. Ошондой эле булуттардын формасы жана алардын сырткы көрүнүшү төлгө ачуучулардын пикири боюнча өзүнчө мааниге ээ. Жылдыздар боюнча алдын-ала айтуу азыр да кеңири таралган. Жылдыздардын жайла-

нышы боюнча бал китептерди (гороскоп) түзүп, келечекти айтып берген көп адамдар бар. Бал китеп боюнча кайсы күндөр эң бактылуу, кайсы күндөрдөн сактануу керек экендигин билсе болот. Эс-акылдуу жана билимдүү эле адамдардын арасынан, мисалы, жума же дүйшөмбү күндөрү кандайдыр бир ишти баштагысы келбегендерди кезектирүүгө болот. Алардын пикири боюнча бул күндөр бактысыз күндөр. Тескерисинче, шейшемби же бейшемби күнү башталган иш жакшы жүрөт имиш.

Мурда канаттуулар Кудайдын жибергендери катары эсептелчү, себеби алар асман менен жердин ортосунда учат эмеспи. Алардын учушу жана үндөрү боюнча окуяларды алдын-ала айтышчу. Жасалма кудайларга курмандыкка чалуу өкүм сүрүп турган мезгилдерде, курмандыктын боору менен канынын түсү жана формасына, курмандыкты өрттөп жаткан жалынга да, күйүп бүткөндөн кийинки күлү кандай экенине да маани беришчү. Мунун баарысына зор маани беришчү. Ал турмак, бирөө менен кокусунан жолугушуу же чүчкүрүп коюу да бир жышаан деп эсептелчү. Билимдүү экендиктерине карабастан, Наполеон менен Вольтер кээ бир канаттуулардын кыйкырыгынан коркушкандыгы белгилүү.

Ар кандай ырым-жырымдарга ишенүүдөн бошоно алдыкпы деп, азыр бизге суроо беришсе, кандайдыр бир деңгээлде дале болсо ырым-жырымдардын, белги-жышаандардын кучагында жашап жатабыз, шайтандын бийлиги болсо, дагы деле күчтүү таянычка ээ деп моюнга алышыбыз керек.

Айрым эле белгилерди айталы: Адамдар үкүнүн кыйкырганы өлүм же кырсык алып келет деп, дагы деле коркушат. Мергенчи же жолоочу эртең менен сапарга чыгып баратып, биринчи болуп карыган аялга кезиксе, ошол сапарың ийгиликсиз болот. Эгер эркек кезигип калса, тескерисинче, ийгилик коштойт. Жолуңду коен же мышык кесип өтсө, бул да бир маани билдирет. Сүйлөшүп жатканда ким бирөө чүчкүрсө, демек, ал чындыкты айтты дегенди билдирет.

Адамдар ортосунда түштөрдү жоруу зор ийгилик менен пайдаланылат. Бул биздин күндөргө да мүнөздүү. Мында биз өзгөчө этият болушубуз керек, анткени Кудай түш аркылуу адамга кайрылып, ошону менен Кудайдан аян түштөр да болот жана болуп калышы мүмкүн. Библияда мындай мисалдарды көп жолуктурабыз. Зынданга камалган Жусуп шарап каркытчы (виночерпий) жана наавайчы (хлебодар) кишилердин түшүн жоруп берет. Жети семиз жана жети арык уй, машак жөнүндө түштөрдү жоруйт. Даниил Навуходоносор падышанын түшүн жоруйт. Кудай адамдарга кандайдыр бир насаат, бир нерсени ачып же айткысы келген түштөр да болот. Бирок маанисин биз түшүнбөгөн да түштөр болот. Мына ошондо төлгөчүлөр, бал ачуучулар жардамга шашышат. Түштөрдү жоруу боюнча чоң же кичине көлөмдөгү китепчелерди көрбөгөн адам сейрек болсо керек. Бул китепке көз жүгүртпөгөн адам да сейрек деп айтса болот. Мындай китептердин авторлору бардык түштөргө түшүндүрмө беришет.

Бир убактарда Кудайдын эркин билүүдө түштөр

эң ишенимдүү каражат деп эсептелген. Ошондуктан адамдар түш көргүлөрү келишет. Мисалы, көрүстөнгө түнөгөндөн кийинки көргөн түштү ата-бабалардын айткандары же каалоолору деп эсептешчү. Түш көрүп, аны жорутуш үчүн, мас кылуучу ар түрдүү күчтүү жыпар жыттар колдонулган.

Ушундай алдын-ала айтуулардын түрлөрү жөнүндө бир нече китеп жазууга болот. 5 Муса 18, 9-14тө алдын-ала айтуучулар, бал ачуучулар, эмчи-домчулар жөнүндө сөз болот. Булардын катарына өзгөчө күндөрдү бөлгөндөр да кирет. Жылдыздардын абалын байкап, айрым күндөр бактылуу, башкалары бактысыз деп аныкталчу. Байыркы римдиктер күндөрдү кара-бактысыз, ак-бактылуу жана кайдыгер күндөр деп бөлүшкөн. Иудейлердин да өздөрүнүн жакшы жана жаман күндөрү болгон.

Ал турмак, азыр да, мен эскертип өткөндөй, бактысыз күндөр – дуйшөмбү жана жумадан коркушат. Өзгөчө жума бактысыз деп эсептелет, анткени бул күнү Христос айкаш жыгачка керилген. Биз, Кудайга ишенгендер, бул күндү бактылуу күн деп эмнеге эсептебейбиз? Себеби дал ушул күнү бүтүндөй адамзатты куткаруунун улуу иши ишке ашпадыбы, Христостун өлүмү аркылуу биз күнөөлөрүбүздөн арылып, түбөлүк өмүргө ээ болдук.

Бактысыз сандардын ичине 13 деген сан да кирет. Бул сандан корккондор өтө көп. Көчөлөрдө 13-номердин ордуна 12-а деп жазып коюшат.

Бул ырым-жырымдан коркуу Ыйса 12 Апостолдору менен бирге дасторкондо отургандыгы, кийин Ыйса айкаш жыгачка керилгенде, Иуда муунуп өлгөндүгүнөн улам эмеспи? Бирок мен дагы бир

жолу кайталайм: Христостун айкаш жыгачы бүтүндөй дүйнөнү куткаруучу эмеспи? Ыйса эч качан 13 деген сандан корккон эмес, бул белгилүү. Ал үч жыл бою 12 Апостолу менен бирге жүрүп, аларды окуткан. Бардык жерде жана дайыма Ал 13-чү болуп жүрчү. Ал эми биз, Кудайга ишенгендер, 13 деген сандан качууга акыбыз барбы?

## *Сыйкырчылык*

Мусанын 5-китебинде 18-бапта сыйкырчылар жөнүндө сөз болот. Бул сөз эмне деген маани билдирет?

Алдын-ала айтуучулар (көз ачыктар) менен сыйкырчылардын бир окшош жагы бар. Экөө тең Кудайдан бөлүнүп ажыраган адам, Кудай тыюу салган жолдор менен адамдын колунан келбеген нерселерди билгиси келет. Сыйкырчылык кылуу менен адам жашыруун сырлардын дүйнөсүнө сүңгүп, Кудай тыюу салган нерселерди билгиси келет. Төлгөчүлөр көп нерсени билгилери келишет – келечек эмне тартуулайт, тигил же бул иш кандайча болуп бүтөт. Сыйкырчы бийликке ээ болуу үчүн, бир нерселерди жасайт, эмгектенет. Сыйкырчылык Кудайдын эркине каршы келип, адамдын өзүнүн былык кызыкчылыктарын жана керт башынын кадырын көтөрүү үчүн жасалгандыктан, ал иш эч качан Кудайдын кудурети болуп саналбайт, ал караңгылыктын күчү, шайтандын күчү. 2 Фес. 2,9 Апостол Павел бул шайтандын таасири астында ар бир күчтүн жана белгинин, жалган кереметтердин арасында болуп өтөт деп айтат.

Шайтандын күчтөрү өздөрүн пайдаланууга жандилинен уруксат беришет. Аларды ким издесе, ошолорго кызмат кылууга алар дайым даяр. Кара өзгөйлүктүн жиндери да, периштелер сыяктуу эле, кызмат кылуучу жин-перилер. Болгону Периштелер Кудайга ишенип калган жана түбөлүк өмүрдү мурастаган адамдарга гана жиберилет. Ал эми шайтандын жиндери өлүмгө (тозокко) бараткандарга кызмат кылат. 2 Фес. 2,10до Апостол Павел минтип айтат: „Жок болуучуларды алдаган бардык адилетсиз азгырыктары менен болот. Себеби алар өзүн куткара турган чындыкты сүйүүдөн баш тартышты“.

Ошондуктан сыйкырчылыктын каражаттары гана эмес, сыйкырчылыктын өзү, ал аркылуу болгон ар бир ийгилик Кудай алдындагы кара өзгөйлүк жана жаман иш, анткени ал иштер Кудайга жакпаган максатта пайдаланылат. Сыйкырчылык аркылуу эч кандай жаман иш жасалбады деген учурда, ал турмак, тескерисинче, бир жакшы иш жасалды, мисалы, оору басылган учурда деле сыйкырчылык кара күчтөрдүн иши бойдон кала берет. Жакшы ийгилик же кандайдыр бир кара өзгөйлүктөн сактануу, Кудайдын эрки менен байланыштуу болгондо гана пайдалуу, эгерде ал ишеним сыйынуу аркылуу жетишилсе, Кудайдын Сөзү жана Кудайдын Өзүнүн Аты, Кудай Өзү каалагандай айтылса.

Кээде Кудай Өзү адамга оордук жүктөйт. Мисалы, ооруга жол берет, ошол аркылуу Өзүнө жакындаткысы келет. Бирок адам көбүнчө жапа чегүү аркылуу куткарылууну каалабайт, ал жапа чегүү-

дөн кантип кутулуунун жолун издейт. Ал эми Кудай жапа чегүүдөн кутулууга жардам бербегендиктен, адам шайтандан жардам издейт. Ошондой эле Өзүнө белгилүү бир себептер менен Кудай бир нерсе жасабаса, анда адам жогоркуга окшоп, аны сыйкырчылык аркылуу алгысы келет.

Бул айтылгандардан көрүнүп тургандай, сыйкырчылыктын максаты – Кудай тыюу салганды алып калуу. Кудай адамды жакшы көргөндүктөн, анык келечегин билип, тыюу салат. Күнөөлөрүн моюнга алып, Кудайга жалбарып, өз ишениминде Кудайдын эркине жана жетегине толук багынууга караганда, сыйкырчылык кылуу же ага кайрылуу адамга жеңил жана пайдалуудай сезилет. Кудайдын ордуна өзүн пайдаланууга уруксат берүү шайтан үчүн өтө кубанычтуу, анткени адамдар Кудайдын жолунан чыгууга аракет жасашса, шайтан андан көп нерсе утат. Шайтан өз кызматын эч качан бекер сунуш кылбайт. Көпчүлүк адамдар сыйкырчылар өз күчтөрү менен шайтанды өз каалаганындай пайдаланышат деп ойлошот. Иш жүзүндө болсо шайтандан жардам сурашса, ал буга кубанат жана жан дилинен угат.

Шайтандын максаты – жанды өлтүрүү болгон сыяктуу эле, сыйкырчылыктын максаты да-адамдардын жанына да зыян келтирип, жамандык кылуу. Бул „кара сыйкырчылык“ („черная магия“) деп аталат.

Биз мындан коркушубуз керекпи? Кудайга шүгүр, жок! Эгерде биз Ыйса Христостун Каны менен жуулуп, бекем турсак, анда бизге эч кандай күчтөр зыян келтире албайт. Эгерде койлор Койчуну ээр-

чип жүргөндөй болуп жүрө берсек, төмөнкүдөй убадага ээ болобуз: „Менин койлорум Менин үнүмдү угушат, жана Мен аларды тааныймын, жана алар Мени ээрчийт, Мен аларга түбөлүк өмүрдү беремин жана алар түбөлүк өлбөйт, жана Менин колумдан аларды эч ким тартып албайт“ (Ин. 10,27-28). Боорукерликтин аскасында, түбөлүктүү Кудайдын колунун алдында туруп, Ыйса Христостун Каны аркылуу куткарылганда, биз сыйкырчылардан да, шайтандын кара ниет жиндеринен да коркпошубуз керек.

Шайтан менен байланышта болуу үчүн, сыйкырчылар убада түрүндөгү ар кандай анттарды колдонушат. Шайтан көбүнчө жарыктын периштеси катары көрүнүп, сыйкырчылыкка байланыштуу нерселердин бардыгын жакшы өздөштүрүп алат да, ушунун баары Кудайдын Өзүнүн жибергени сыяктуу кылып көрсөтөт. Качандыр бир убакта бал ачкандарга, эмчи-домчуларга, сыйкырчыларга кайрылгандар шайтанга чалдыккандыгын түшүнүшпөйт. Бул туурасында туура түшүнгөн адамдар аз. Кээде бал ачып жаткан сыйкырчы өзү шайтандын күчүнүн жардамы менен иштеп жаткандыгын, мындай учурларда Кудайга кайрылбаганы менен, шайтандан алгандарын Кудайга ыйгарып жаткандыгын түшүнө бербейт. Жетишилген ийгилигин ал ар кандай сыйкырлуу сөздөр менен каражаттарды колдонгондон улам болду деп эсептейт.

„Кара магиянын“ милдети адамдарга жамандык кылуу болгондуктан, адамдар андан качууга аракет жасашат, бирок мында Кудайдын жардамы менен калкалоосун издебестен, шайтандан жардам изде-

шет. Исаия пайгамбардын китебинде 3,18-20 Теңир сөйкө жана мончокторду, булар жөнүндө 1 Мус. 35,4тө жазылган, ошондой эле шакектерди жана мурундагы алкактарды алган деп окуйбуз. Сыйкырчылар булардын баарын тумар катары пайдаланышат. Мончоктор менен шакектерге зергерлер ар түрлүү белгилерди жана тамгаларды чегишет, ошолор тагынып жүргөн адамдарды жин-шайтандардан коргойт имиш.

Ар кандай эмчи-домчулук, төлгө ачуучулук, алдын-ала айтуу сыйкырчылыкка тиешелүү. Бул аркылуу адамдар кандайдыр бир жакшылыкка жеткилери, ден-соолуктарын жакшырткылары келишет, бирок Кудайдын жолдору менен эмес, Кудай алдында жалынып, күнөөлөрүн моюнга алып, Ага чын дитинен сыйынып эмес, сыйкырчылыктын өздөрү билген ыкмалары менен аракет кылышат. Кара өзгөйлүктү, жамандыкты Кудайдын эмес, шайтандын күчү менен жеңгиси келишет. Кудай адамга туура көрбөгөнүн ал шайтандан алат. Эмчи-домчулукта Ыйсанын ысмы, түрдүү сыйынуулар ж.б.у.с. библиялык түшүнүктөр көп колдонулганы эч кандай мааниге ээ эмес. Мунун баары сыйынууга чүмбөттөлүп алган сыйкырчылык. Кудайдын ысмы менен эч ким сыйкырчылык кылбасын деп эскертип, Лютер туура кылган. Библиянын сөздөрү менен сүйлөгөнүнө карабастан, шайтан шайтан бойдон калат. Ал мунусун Ыйса Христосту чөлдө азгырып, далилдеген. Филипиде Кудайдан корккон сөздөрдү сүйлөгөн аял бар эле, бирок кара өзгөй жин ал аркылуу аракет кылган.

Сыйкырчылык кара күчтөр менен байланышта

экендигин төмөнкүдөн билсе болот: сыйкырчылык жол менен сакайгандар Кудайга кайрылгандан кийин кайрадан ооруп калышат.

Байыркы мезгилдеги сыйкырчылык жөнүндө көп нерселерди айтууга болот. Бул туурасында Библияда көптөгөн мисалдар келтирилет. Сыйкырчылык Египетте, Вавилондо, Грецияда гүлдөгөн. Израиль эли Тирүү Кудайды билгени менен, сыйкырчылык аларда да кеңири тараган. Филипп Ыйса Христосту насаат кеп кылып жүрүп, сыйкырчылыгы менен элди таң калтырган Симонго жолугат (Ап.ишт. 8,9) Апостол Павел Пафада Барыйса аттуу сыйкырчы-пайгамбарды таап алган (Ап.ишт. 13,6). Апостол Павел өзүнүн Галатиялыктарга жиберген катында 5,20.21. сыйкырчылыкты күнөөлүү дененин кумарларына кошот да, минтип айтат: „Ошондой кылгандар Кудайдын Падышалыгына мураскор болбойт“. Иоанндын Аянында 21-бапта сыйкырчылар менен жалган кудайга табынуучулардын тагдыры от менен күкүрт аралаш күйүп жаткан көлдө, алар шаарга дарбазалар аркылуу кире алышпайт (Аян. 22,15), – деп айтылган.

Кудайдын Сөзүндө келтирилген олуттуу эскертүүлөргө карабастан, сыйкырчылык ал турмак, христиандардын арасында да жолугат. Бул маселе боюнча пасторлор көп күбөлөрдү келтиришет. Мисалы, Иоанн Златоуст минтип айтат: „Сен тумарды гана эмес, сыйкырчылыкты да пайдаланасың, балчы кемпирлерге кайрылуудан уялбайсың, аларды үйүңө ээрчитип барасың. Христиан динindеги бул кемпирлер Кудайдын атын аташат – деген актануу эмес. Өздөрүн христиан дешип, Кудайдын

Атын уяткарып, Кудай алдында жаман иш кылгандыгы үчүн мен аларды жек көрөм“.

Тумарга, башка калкалоочу каражаттарга каршы багытталган анын сөздөрү жардам бере албады. Тумарлар ушул күнгө чейин колдонулуп келүүдө. Согуш учурунда жоокерлер ар кандай „асмандан түшкөн каттарды“ жана тумарларды тагынышып, ошолордун жардамы менен ага ок тийбейт жана кылыч кеспейт деп ойлошкон. Көптөгөн адамдар ар кандай тумарларды, шакектерди, сөйкөлөрдү тагынышып, ошолор аркылуу караңгылыктын күчтөрдөн, арбактардан коргонуп калгылары келишет, бирок ушундай кылуу аркылуу алар шайтан менен байланышып жатышканын таптакыр ойлонушпайт.

Күнөөгө малынган мындай адамдарды Кудай Өзү гана эс-акылга келтирсин деп, чын дилден каалагандан башка арга жок.

## *Жиндерди дубалоо (Арбактарды арбоо)*

Күнөөлөрдүн тизмесинде 5 Мус. 18,10-11 „арбактарды чакыруучулар“ да эскертилет. Бул сыйкырчылыктын башка бир тармагы. Көзү ачык-арбактарды дубалоочу – бул ар кандай белгилердин, ысырыктоонун жана башка куру кыялдык ырымжырымдардын жардамы менен ар кандай кереметтерди жасап, оорулууларды айыктырып, жиншайтандарды жана башкаларды дубалоочу адам. Көбүнчө алар жыландарды дубалоочу катары чыгышкан, аларды азыр да кездештирсе болот.

Ошондой эле өлгөн адамдардын арбактары менен сүйлөшүп, алардан келечекти билгиси келген адамдар да болгон. Саул падыша өлкөдөн бардык сыйкырчылар менен бал ачуучуларды кууп чыгып, кийин өзү алардан жардам сурап кайрылган (1 Пад. 28,3-10). Манассия бал ачуучуларды, төлгөчүлөрдү жана сыйкырчыларды тааныган жана сыйлаган (4 Пад. 21,6). Иосия падыша сыйкырчыларды кууп чыккан, сүрөттөр менен моло таштарды жана бардык ыпластыкты жок кылган (4 Пад. 23,24), бирок шайтан анын баарын кайра киргизген.

Ыйса Христостун убагында мындай жашырын иштер менен байланышта болгондор көп болгон, сыйкырчылыкты пайдалуу өнөр катары пайдаланышкан. Алар сыйкырчылык өнөр боюнча Сулайман – устатыбыз, ошонун китептеринен үйрөндүк деп айтканды жакшы көрүшчү. Бирок иш жүзүндө буга Сулайман Мусага окшоп, күнөөлүү эмес эле. Мусанын сыйкырлуу 6- жана 7-китептери менен Мусанын аты-жөнүнүн ортосунда эч байланыш жок. Китепте адамдардын жана жаныбарлардын ар кандай оорулардан, сыйкырланган сөздөрдөн сактоочу сыйкырлуу рецептер бар, ал рецептер Кудайдын Атын, Мариям Кыздын, ошондой эле шайтандын жиндерин чакырганда гана күчтүү болот. Китептин биринчи бөлүмү „Кара карга“, ал эми акыркысы – „Чыныгы оттуу ажыдаар же асман менен тозоктун арбактарынын үстүндөгү бийлик“ деп аталат.

Мындан тышкары, өлгөндөрдү суракка алуучулар жөнүндө да кошо кетким келет, алар адатта, арбактар менен мүрзөнүн башында сүйлөшүшөт.

Ис. 65,3-4тө айтылат: „Мени такай бетиме шылдың кылган элге, курмандыктарын токойго алып келишет да, ысырык заттарды бышырган кыш үстүндө түтөтүшөт, табыттын үстүнө отурат, үңкүрлөрдө түнөйт...“

Арбактарды чакыруучулардын тили жер астынан онтоп чыгып жаткансып акырын чыгат, өлгөндөр алар менен аңгемелешти деп айткандарынан улам, көпчүлүк эл мындай адамдарды адилетсиз, арамза, алдамчы деп ойлошот.

Өлгөндөрдү суракка алуучулар жана арбактарды чакыруучулар – куру алдамчылык эмес экендигин кошумчалагым келет, бирок мындай жасоого толук мүмкүн. Эгерде өлгөндөрдү суракка алууга мүмкүн болбосо, анда Кудай буга тыюу салбас эле.

Көпчүлүк адамдар ушу кезге чейин мунун баары алдоо деп эсептешет. Ырас, алдаган учурлар да бардыр. Сыйкырчылардын үстүнөн болгон көптөгөн сот иштери муну ырастайт, мисалы, көпчүлүккө белгилүү Анна Роте алдамчы болуп чыкпадыбы. Бирок мунун өзү арбактар менен сүйлөшүүгө байланыштуу бардык нерселер болбогон кеп дегендик эмес. Жиндердин дүйнөсү менен түздөнтүз байланыш бар.

Библияда арбактар менен сүйлөшүүчүлөрдүн чогулушу сүрөттөлөт. Тынчсызданган Саул падыша алдыдагы салгылаштын жыйынтыгын билгиси келет да, муну Кудайдан суранат. Бирок Кудай түш аркылуу да, жарык аркылуу да, пайгамбарлар аркылуу да жооп бербейт. Ошондо Саул Аэндордогу сыйкырчы аялга барып, Самуилдин арбагын чакыр деп буйрук кылат. Жер астынан Самуил

чыга келет да, Саул менен сүйлөшүп, ага мындай дейт: „Кудай Израилди сени менен бирге душмандын колуна тапшырат да, эртең эле өлүктөрдүн дүйнөсүндө болосуң“.

„Самуилдин арбагы келдиби же жокпу“ деген маселе боюнча пикирлер ар башка. Мисалы, Лютер Самуилдин арбагынын шайтандын күчтөрү аркылуу келиши алдамчылык деп эсептейт. Лютер өз оюн кандайдыр бир сыйкырчыга Самуилдин арбагын козгоого Кудай жол бермек эмес деп негиздейт.

Айрымдар болсо, көзү өткөн Самуил пайгамбар сыйкырчынын эрки боюнча эмес, Кудуреттүү Кудайдын керемети менен келди дешет. „Аял Самуилди көрүп, катуу кыйкырып жиберди“ деген сөздөрдөн улам, ал өзү таң калып жана тынчсызданып кетти деп эсептесе болот. Сыягы, аял Самуилдин келерине ишенген эмес. Балким, ал мурункудай эле бул жолу да, өзү бирдеме ойлоп чыгарып алдагысы келгендир, бирок Кудай Саул туура жооп алышын каалаган.

Бул маселе боюнча ушул кезге чейин ар-түрдүү пикир бар. Самуилдин арбагы чынында эле келгенби же жокпу? Бул маселе бүгүн да көтөрүлүп жана талданууда. Көпчүлүк спиритисттер (арбактар менен сүйлөшүүчүлөр) Павелдин, Лютердин жана башкалардын арбактары менен сүйлөштүк деген ишенимде. Аты аталган арбактар спиритисттерге адам таң кала турган пас нерселерди айтканы көзгө урунат. Тескерисинче, Апостол Павелди бир гана нерсе кызыктырган – ал айрылууну жана Христос менен бирге болууну каалачу, себеби бул теңдеш-

сиз жакшы. Эми болсо, ал Кудайдын уулу болуу кубанычын баштан кечирип жатканда, анын руху таң калыштуу, бийик сөздөрдү сүйлөбөс бекен? Бирок арбактар менен сүйлөшүүчүлөр „Апостол Павелдин рухун“ чакырышканда, ошол рух кандайдыр бир салтанаттуу нерсени эмес, тескерисинче, орой жана пас сөздөрдү сүйлөйт.

Муса менен Илия Өзгөрүү тоосунда Ыйса Христоско келгенде, алар Ыйса аткара турган ишинин натыйжасы жөнүндө сүйлөшүшөт. Бирок чакырылган арбактар өздөрүн аты аталган адамдардын арбактары сыяктуу көрсөтүшөт.

Арбактарга ишенүүнүн (спиритизм) айынан көптөгөн адамдар тигил дүйнөдөгү өмүргө ишенишет деп моюнга алса болот. Бирок Кудайга ишенген адамга өлүмдөн кийин деле өмүр бүтпөйт дегенге спиритизмден далил издөөнүн кереги жок. Буга биз Жазуу аркылуу ынансак болот. Ырас, көзүбүздү ачуу үчүн Кудай түрдүү каражаттарды колдонот. Балким, кээде чындыкты адилеттүү издөөчүнүн жүрөгүнө Кудай спириттердин сеансында да сүйлөшү мүмкүн. Биз Кудайдын Сөзү боюнча иш кылышыбыз керек, ал болсо минтип айтат: „Теңир, сенин Кудайың, силердин атаңарга берем деп ант кылган жерге сени киргизгенде, араңарда өлгөндөрдү суракка алуучулар болбосун, себеби бул Анын алдындагы өтө жаман иш“.

Мына ушундай иш кылгандар коркунучтун кучагында боло тургандыгы бул жерде айтылган жок. Бул жерде ушундай иш кылган адам жаман деп жазылган. Башкача айтканда, ошол иштин өзү гана жаман эмес, аны жасаган адам Кудай алдында жа-

ман. Бул сөздөрдү спириттердин чогулуштары менен сеанстарына адамдар келип жаткан үйдүн дубалдары менен эшиктерине жазып койсо болчудай.

Мусанын үчүнчү китебинде 20, 27 минтип жазылган: „Эркек болобу, аял болобу, эгерде алар арбактарды чакырып же көз боочулук менен сыйкырчылык кылса, алар өлүмгө өкүм болсун; аларды ташбараңга алып өлтүрүш керек, алардын каны өздөрүндө“.

Ушундай тыюу салынган иштер менен алектенген бардыгыңар, муну уккула! Төлгө ачуучулар, көзү ачыктар, картачылар, алдын-ала айтуучулар, уккула! Аларды уруш керек, алар өлүшү керек!

Кудай мындан да катуу айтат. Ал төлгө ачуучуларды, сыйкырчыларды, алдын-ала айтуучуларды өздөрүн гана эмес, аларга барып, ушул иштерди жасоого мажбурлап жаткандарды да жазалайт.

Мусанын үчүнчү китебинде 19, 31 Кудай мындай дейт: „Арбактарды чакырып, маркумдарды жайынан козгогондорго көңүл бурбагыла, көз боочу, сыйкырчыларга барбагыла да, өзүңөрду маскаралап, акмак болбогула. Мен жараткан Теңириңер, силердин Кудайыңармын“.

Демек, кимде ким төлгө ачуучуларга, алдын-ала айтуучуларга кайрылса, ал Кудайдан бурулуп, кара күчтөрдөн жардам сураганы. 3 Мус. 20,6да Кудай ого бетер олуттуу сөз айтат: „Эгерде кимдир бирөө арбактарды чакырып, маркумдарды жайынан козгогондорго жана көз боочу, сыйкырчыларга кайрылып, алардын артында тентип адашып жүрсө, анда Мен жүзүмдү ошого бурамын да, аны өз элинен кырып жок кыламын“.

Ушуну уккун, урматтуу пенде. Эгер сен ушундай иштер менен алакада алек болгуң келсе, Кудай Өз жүзүн сага каршы бурарын билип кой. Кудай сен жөнүндө кам көрүүсүн токтотуп, мындан ары боорукерлик менен ырайымдуулук кылбай, сага алкышын каалабай, жакшы иш жасабай коюусу эмне экендигин билесиңби? Ал Өз жүзүн сенден душман катары, каардуу сот катары буруп кетет, сени өз элиңден жок кылат.

Бул иш күнөөсүз деп эми ким айта алат? Балким, Кудайга ишенген атаң же апаң бул иште жаман эч нерсеси жок дегени менен актангың келеби? Төлгө ачуучулук менен бүбү-бакшылыкты сыйкырчылыктын күнөөсү деп атоону аша чапкандык деп айтасыңбы?

Жок, мындай жол менен айыктыруу Библиядан алынган эмес. Бул элдик медицина эмес, бирок бул күнөө, сыйкырчылык, б.а. Кудай алдында ыплас иш, эгерде сен чын жүрөгүңдөн күнөөңдү моюнга албасаң, тобо келтирбесең, ал сага өлүм алып келиши ыктымал.

Ар бир окурмандын эсинде: „Муну жасаган ар бир адам Теңир алдында ыпылас“ деген сөздөр угулуп турганына Кудай жеткирсин.

# БУЛ КАНДАЙЧА ЖАСАЛАТ?

Биз бул ишке сүңгүп кирип, Кудайдын Сөзүн окуп, кара күчтөрдүн дүйнөсү ушунчалык жагымсыз жана бул күнөө ушунчалык кеңири жайылганына ишендик. Ал эми бүгүнкү дүйнөгө көз чаптырсак, бул маселе боюнча адамдарга түшүнүксүз али көп жагдайлар бар экенин кооптонуу менен моюнга алуу керек.

## *Сөөлдөрдү ырымдоо*

Көзү ачыктар сөөлдөрдөн арылууга көбүрөөк жардам беришет.

Бул иш жер шарынын ар кайсы бурчтарында кандайча жасаларына бир нече мисал келтирейин. Гамбургдан бир аял катында жазат: „Менин оң колумда сөөл аябай көп болчу. Биздин мурдагы кызматчы аял кандайдыр бир өлүктү көрсөм эле, сөөлдөрдү жок кыла алат элем деди. Ошонун айткандарын жасап жүрүп, сөөлдөрүм жок болуп кетти. Дармштадттан келген катта минтип жазышат: „11-12 жашымда эле сол колумда сөөл көп эле. Аны жок кылабыз деген ар кандай аракетибиз натыйжа бербеди. Ошондо бир картаң кемпирге барып көр дешкенинен, эжем экөөбүз бардык. Аял жипти түймө кылып байлап, түшүнүксүз сөздөрдү күбүрөдү да, ар бир түймөнү бирден сөөлгө байлады. Анан адамды мүрзөгө коюп жатканда, түймөлүү жиптерди мүрзөгө таштаарын, ошентип, сөөл жок болорун бизге айтты. Чынында эле ошондой

болуп, сөөлүм жок болуп калды“. Вестфалиядан келген каттан: „12 жашар баланын эки колу толо сөөл эле. Жакында ал мага келгенде, колдору сөөлдөн тазаланып калыптыр. Кантип жок кылганын сурасам, муну айтып берди: „Кошунанын кызы кара жип алып, колуңда канча сөөл болсо, ошончо түймө түйүп, аны тамдын чатырынан суу агып тушкөн жерге көөмп кой деди. Ал айткандай жасадым, анан сөөлүм кетип калды“.

Силезиядагы балдар үйүнүн башчысынын жазган катынан улам маалым болуп тургандай, азгырылып жүргөнүн түшүнгөндөр өтө аз: „14 жаштагы баланын эки колу сөөлгө толгон. Кылган аракеттердин баары майнап бербеди. Биздин пастордун апасы балага сөөлдөн арылуунун жолун жашыруун үйрөтүп коюптур. Ай жаңырганда колдоруңду сүртүп, минтишиң керек: „Жаңырган ай толо бер, жышып жатканым жоголо көр. Атасы, Баласы, Ыйык Рух“. Муну эч кимге айтпоосун эскертет. Баланын сөөлдөрү жок болуп калганын байкабасам, мен бул тууралуу билмек эмесмин. Кантип жок кылганын сурасам, ал айтпады. Кийин гана баарын айтып берди“.

Оберлаузитцадан келген каттан: „Чоң энем мени канча жолу ырымдаганын бир Кудай Өзү билет, анда не деген гана рецептер бар эле! Кудай аны эмне үчүн рухий да, денесин да көп кыйнаганын ал түшүнбөдү. (Сыйкырчылыктын күнөөсү үчүн анын өмүрүндө Кудайдын батасы болбоду). Ай жаңырганда бир нерсени айтып же жасасаң, ошондон кийин тирсегиң кетип же тиш ооруганың басылат деп ишенип жүргөндө, ошондой эле болуп жүрдү.

Ушунун баары ай жаңырганда жасалып жүргөнү мүнөздүү көрүнүш. Айдын таасиринен арыла албай калган азыркы жагдайымда көзү ачыктарга кайрылбай эле койбой деп, күбөлөндүрө алам. Ай жаңырганда жашоонун ырахатынан көңүлүм чөгүп, сабырым суз тартып, жан-жагымда жин-шайтандар жүргөндөй сезилет“.

Бир аял жазат: „Өзүмдүн Куткаруучумду тапканыма эки жылдан ашты, бирок ишенимим күч ала албай койду. Бул сыйкырчылыктын күнөөсүнүн залакасы деп эсептейм. Кыз кезимде сөөлүмдү жок кылуу үчүн көзү ачыктарга, ошондой эле картачыларга да кайрылгам“.

Дагы бир аял жиберген катында минтип жазат: „Мен өзүм сыйкырчылык кылчумун, башкаларды келечегимди айтып бер деп мажбурлачумун. Бул үчүн дайыма Ыйык Үчилтиктин атын жана колдорум менен чокунууну пайдаланчумун. Колумда сөөл көп эле. Аларды жок кылуу үчүн, „Асмандагы Атабыз“ деген сыйынууну пайдаланчумун. Канча сөөлүм болсо, ошончо түймө түйдүм. Жогорку дубаны окуп, жипти жер босогонун астына көөмп койдум. Бир кыздын колунда сөөлү көп эле. Ага да узун жип алып, көп түймө түйүп, жипти табыт алып келаткан жолго алар тебелеп өткүдөй кылып, таштап кой деп кеңеш айтышат. Ал айтканды аткарат да, сөөлдөн кутулат“.

Мына ушул айтылгандардан соң, кандай жыйынтык чыгарса болот? Биринчиден, мындай күнөө канчалык кеңири таралганы ачык көрүнүп турат. Экинчиден, мындай ишти жердин бардык булуңбурчунда жасай алышат. Үчүнчүдөн, жардылар-

дын да, байлардын да арасында мындай иш жасагандар бар. Ошондой эле дайыма „Асмандагы Атабыз“ дубасы же Ыйык Үчилтиктин аты пайдаланылат. Мунусу аз келгенсип, сыйкырлап жаткандар да, же аларга кайрылып жаткандар да „Мунун эч жамандыгы жок, биз Кудайдын атын атап жатабыз“ дешет. Бирок мунун баары сыйынуу эмес. „Асмандагы Атабыз“ деген Ыйык сыйынуу жогоркудай учурларда сыйынуу катары айтылбайт, бирок дубалоо катары колдонулат. Сыйкырчылыктын күнөөсү сыйынуу учурунда айтылган Кудайдын атына жашырынып калат.

Көзү ачыктардын дарыгерчилигинде эч кандай жакшы жана ыйык нерсе жок экендигин алардын таң калыштуу аракеттери айтып турат. Колдогу сөөлдүн санына карап, жиптен түймө түйүлөт. Ал жип өлүк алып өтчү жолго ташталат же мүрзөгө кошо көмүлөт, же жөн эле жерге көмүлөт. Ушунун баары Кудайданбы? Эч качан! Анан кийин көзү ачыктарга кайрылгандардын бардыгын эч нерсе айтпоого кыстап коюшат. Ушунун баары ай жаңырганда жасалат. Демек, биз Кудай менен эмес, кара күчтөр менен алек болуп жатканыбызды ачык көрсөтүп жатат. Ал эми сөөлдөрдүн чын эле жок болуп кетиши мындай каражаттар жана белгисиз сөздөр колдонсо, кандайдыр бир күчтөрдүн бар экендигинин далили. Ушунун баары болбогон бир кеңкелестик дей турган болсок, анда эч кандай аракет да болмок эмес. Бирок сөөлдөр чынында эле жок болуп жатпайбы, демек, бир аракет болуп жатат. Бул жерде азезил күч аракет кылып жатат да, кара күчтөрдүн айынан

жогоркудай сакаюу болуп жатканы көрүнүп жатпайбы.

Ырас, көп адамдар муну билбейт жана түшүнбөйт. Бирок мунун баарын билип туруп деле, күнөө кылган адамдар бар.

Агам чакалай болгон баласын дарымчыларга алып барганын айтып берди. Апам болсо ошондо: „Шайтаныбы, Кудайыбы, иши кылып жардам берсе болду!“ деди. Муну мен укканда, кыйкырып жибергим келди.

Бул аңгемелешүү Бранденбургда болгон. „Шайтаныбы, Кудайыбы, иши кылып жардам берсе болду!“, – деген сөздөрдү эстегенде, жүрөгүм титирейт.

Көп адамдар ушундай ойдо. Кандай болсо да, жардам берсе болду. Ушул кылганы менен Кудайга акарат келтирдиби же өз абийирлерине оор күнөө жүктөп алдыбы – бул алар үчүн эч кандай мааниге ээ эмес.

## *Тиш ооруну ырымдоо*

Тирсекти да, тиш ооруну да сөөлдү ырымдагандай кылышат. Бир кыздын тиштери аябай катуу ооруп, аны айдын жарыгында ырымдаш керек дешти. Кыз айткандай жасайт да, ошондон кийин тиш оорусу кайталанбады.

Шпандаудан бир жаш жигит жазат: „Бала кезимде тирсектен арылчу эмесмин. Чоң энем эмчилерге барып көр деди. Мен бардым, ооруганым басылды. Кийин өзүм да тирсектен арылууну үйрөнүп алдым“.

Башка бир катта жазышат: „15 жашар кызым „англиялык ооруга“ туш болду. Көптөргө жардам берген бир эмчиге бар деп кеңеш беришти. Муну ай кайтып калганда, жума күнү, эң жакшысы Улуу жумада жасаш керек. Кыздын чачы менен тырмактарын кыркып, чүпүрөккө ороп, чокундуруштуу да, бир жерге коюп коюшту. Анан түшүнүксүз сөздөрдү шыбырап, Кудайдын аты чакырылып жатканын гана уктум. Төрт жашар баламды эмчилерге баруууга мажбурладым, ал кыйма (тилме) менен ооруган эле. Аны эң эле жөнөкөй жол менен, ооруган жерин кол менен сыйпап эле айыктырып коюшту. Муну ай толгон учурунда жасашты“.

Натыйжасы кандай болду?

Андан аркы жазылгандарды окуйлу: „Балабыз кара жиндерге ушунчалык чырмалгандыктан, түндө жалгыз калтыра албай калдык. Шайтандын асылууларынан аябай кыйналып бүттү. Катуу коркконунан кыйкырып, адамдардан жардам сурачу. Аны ажал желкелеп, өлүмгө тартчудай сезилчү. Бала буга кантип чыдаганын ойлоп, жаныңдан түңүлөсүң“.

Эмчи-домчулуктун салакалары жөнүндө мындан ары да улайлы.

Ушундай бардык учурларда мүнөздүү болгону – адам кандай да болбосун, дени сак болгусу келет. Бул Кудайдын эркине каршы келер-келбесин сурабай туруп эле, бардык учурларда оордук – оорудан арылгылары келишет. Эгерде Кудай адам өз оюнда каалап тургандай жасагысы келбесе, анда адам билип же билбей туруп эле шайтандан жардам сурайт.

Адамдар өз денесинин камын ашыра баалап жиберген учурлар көп кездешет. Ал эми Кудай болсо биринчи кезекте жан жөнүндө кам көрөт. Жан денеге караганда бир топ маанилүү, ага кам көрүү жашоонун өзүнөн өйдө турат. Ал эми шайтан болсо, дене менен ден-соолукту абдан маанилүү деп, адамды денесинин жыргалчылыгы үчүн, жанынын жыргалчылыгынан жана түбөлүк ырахаттан кечип кетүүгө азгырат. Бул акылсыздык, кеңкелестик.

Кудайды сүйүүчүлөргө, Кудайдын каалоосу боюнча чакырылгандарга бардык нерсе жакшылыкка аракеттенет деп жазылган эмеспи (Рим. 8,28).

Бирок бул жөнүндө эч нерсе билгиси келишпейт. Бардык ооруну чыдамдуулук менен көтөрө билүүнү, үйрөнүүнү эч ким каалабайт. Ооруну кандай жол менен болбосун жоготкулары келишет. Ооба, ооруну четтетишет. Бирок кийин моюнга илинген күнөөнү көтөрүп жүрүү кандай оор.

Эмчилер кадыр-барктуу экенин эч ким танбайт. Рурдан ишенимдеги бир аял жазат: „Сыйкырчылыктын жардамы менен аракечтиктен арылганын уктуңар беле? Мен буга күбө болгом. Күйөөсү аябай ичкен ишенимдеги бир аялдын дарегин мага айтышты. Үйүнө келсем, аял үйүндө жок экен. Күйөөсү жактырбай каарданып турду. Анысына карабай, мен отурдум да сүйлөп кирдим. Ал дудукка окшоп, үндөгөн жок. Аялыңыз келсе, мага жолуксунчу деп андан сурандым. Аялы келгенде, көрсө, ал деле күйөөсүнө окшоп түнт, жактырбаган, ишенбес, коркунуч баскан адам экен. Суроомо ал жооп берди, күйөөм мурда катуу иччү, эми

ичкиликти ууртап да койбойт. Бир нерсени боолголоп, бирок жалган болуп калбасынчы деп сурадым: „Күйөөңүз көк крест Коомунун мүчөлүгүнө өттү беле?“ „Жок,“ – деди ал. Анан ал айтып баштады. Ичкичтерди дарылаган бир аялга кайрыл деп кеңеш беришкен. Ошол аялга барса,иш башы үчүн, алгач төлөш керек экен. Анан аял коңшу бөлмөгө кирип, бир сааттан кийин чыгып, эми бейкапар үйүңө бара бер, күйөөң мындан ары ичпейт деп айтты. Үйүнө келсе, күйөөсү төшөктө ооруп калыптыр. Окшуп, катуу кыйналып, шайтандын өзү менен күрөшүп жатты. Сен шайтанды көрүп жатасыңбы деп менден сурайт. Бир нече айдан кийин бир стакан пиво ичти күйөөм. Баягысы кайталанды. Ошондон бери күйөөм ичпейт. Анын сөзүн угуп отуруп, мындан тез арада арылгыла, ошону менен силер шайтанга байланып калыпсыңар дедим. Ал тынчсызданган да жок. Тескерисинче, аракеч күөмдөн эми тынчтык болот деп кубанды. Эң коркунучтуу өзүн-өзү алдоочулук!

Ырас, эмчи-домчуларга кайрылганда жардам болот, бирок мында Кудайдын кудурети эмес, шайтандын күчү билинет. Кудай аракечтерди Ыйык Рухтун күчү менен куткарса, шайтан өз бийлигинде калтырыш үчүн, сыйкырчылык аркылуу сактайт. Шайтандын амалкөйлүгүн көрүңүзчү! Байкуш гана алданган жандар!

## *Пасха майрамынын суусу*

„Пасха суусу“ сыйкырчылыкта өзгөчө мааниде.

Гессендеги бир кыштактан минтип жазышкан:

„Көпчүлүк адамдар Пасха күнү күн чыгар алдында, дарыядан агын суу сузуп алууну адат кылышат. Сууну үйгө жеткиргенге чейин сүйлөбөш керек. Мындай сууну чопо идишке куюп, жер төлөдө бир жыл сакташат. Бул суунун дарылык касиети болот имиш.

Тюрингиядан жазышат: „Эртең Пасха деген жуманын түнү жана Пасханын биринчи күнү күн чыгар алдында суу алып келишти. Бул суу бузулбайт жана дарылык касиети бар. Түрдүү ооруларга каршы колдонулат...“ Бул катта андан ары көптөгөн адамдар эмчи – домчуларды үйлөрүн дарымдоону мажбурлагандыгын, ушуну менен өрттөн сактанууга ниеттенгендигин жазышат. Атайын жазылган кагазды дөңгөчтүн үстүнө же астына коюп койсо, үй эч нерсе болбойт имиш. Ушундай эле ырымды мал эч нерсе болбосун деп, малканага, сарайга да жасашат.

Жакында бир аял каза болду. Ал динчилдер чогулуштарга көп барар эле. Жашы да бир топко барып калган. Ооруга чалдыкканда, ал өзүн „септи“. Гүл өстүрүүчү карапага толтура күл салынып, ага үрөн себет. Үрөндү сээп жатканда, айта турган сөздөрү кайсылар экендигин билбейм. Эгерде үрөн өнүп чыкса – ал айыгат, чыкпаса, каза болот. Ага бул кылганың күнөө болот деп айтышса, ал: „Мага бул дайыма жардам берип келген..,“ – деп айтты. Анын өлүмү аябай коркунучтуу болду! Акыркы мезгилинде ал кайрадан сыйкырчылык жөнүндө сөз кылып, тобо кылгандыгын айтты. Ал акыркы мүнөтүнө чейин азезил менен күрөшкөндүгү мен үчүн коркунучтуу сезилди. Ырас, ал бул күнөөсү

үчүн тобо келтирди. Андан кандайдыр бир „оттуу кат“ же ушул сыяктуу бир нерсеңиз жок беле деп сурашканда, мунун бардыгын жагып таштагандыгын айтты. Ал кыйналып жатып өлгөндөн кийин, буюмдарын караштырып жатып, сыйкырчылар пайдаланган курал менен „күйгүзүүгө каршы“ катты таап алышты. Ошондуктан ал өлүм алдында аябай кыйноого туш болду.

Бизде көп учурларда балдарды эмчи – домчуларга алып барышат, алар колдору менен сылап, майлап, анан эки колтугунан көтөрүп, Атанын, Уулунун жана Ыйык Рухтун урматына айкаш жыгачтын үстүнөн ала салдырышат. Ал эми кимдир бирөөнүн денесинде мите курт көп болсо, эмдеген кемпирге барышып, ал бир сындырым нанды ооруган жерлердин үстүнөн алып өтөт да, кара тоокко жегизет же жерге көөмп коет.

Жакында бир киши ооруп калса, терезенин алдына төшөлгөн тактайга үч алма коюп кой деп кеңеш беришет. Алмалар күнгө соолуп калгандай эле, анын оорусу да ошентип соолуп кеткен.

„Ай жаңырган маалда картөшкө отургузбаш керек же үрөн сеппеш керек“.

Бул каттын аягында ушунун өзү күнөө экендигин көпчүлүк ойлоп да койбойт деп кошумчаланган.

Эң коркунучтуусу бул, мындай „пайдалуу кеңештер“ аркылуу адамдар шайтандын кишендерине чырмалып жатышкандыгы жөнүндө ойлонушпайт.

Жашы катамал бир динчил киши менен болгон окуя мага белгилүү. Сүйлөшүп турсак, ал минтет: „Бирөөгө боор ооруп, кандайча болсо дагы жардам

берсең, бул күнөө эмес. Берген жардамыңа акы алсаң – ошол күнөө“.

Демек, акы албай, сыйкырчылык кылсаң, Кудайга жагат дейсиңби? Ушунун өзү алиги жашы барып калган насаатчы адам сыйкырчылык маселесин аз гана билип тургандыгын айгинелеп жатат.

Бир улгайып калган эркек өз аялы жөнүндө минтип жазат: „Аялым кыз кезинде „динге ишенген“ эмчи-домчуга баш оорумду айыктырып бер деп кайрылыптыр. Ал эмчи киши анын башын жоолук менен байлап, үч түйүн жасаптыр да, Кудайды жамандаган сыйкырчылык сөздөрүн айтыптыр“.

Ушундай жаман жол менен Кудайдын атын пайдалангандын өзү өтө жаман. Баш оорудан айыгыш үчүн эле адамдар азезилге ык алып, анан өмүр бою аны менен байланышта болуп калгандыгы кандай коркунучтуу.

Мурда эмчилик кылып жүргөн аял жазат: „Мен сыйкыр менен адамдарды көз оорудан сакайтчумун. Көбүнчө күн чыгып келатканда же батып бараткандa, дарактын астында же ай чыкканда дарылачумун. Манжаларымды көздүн тегерегинен айлантып, белгилүү бир сөздөрдү айтам да, үч жолу чокунуп, анан Атанын, Уулунун жана Ыйык Рухтун атын айтчумун...“

Мен ушул сыяктуу мазмундагы көптөгөн каттарды алдым. Алардын баарын айтып отурууга мүмкүн эмес. Так жана ишенимдүү болсун үчүн, айрымдарынан гана үзүндү келтирем.

„Тишимдин оорусун байлап бергиле деп, мен эмчилерге кайрылдым. Бул үчүн мен бет жаагыма байланган баракты үч күн алып жүрүп, аны эч

карабашым керек. Кагазды үч күндөн кийин, күн батканда алып, артымдагы отко же агын суугa ыргытып жиберишим керек“.

### *Асмандан түшкөн жана оттуу каттар*

„Бир убакта мен көкүрөгүмдө асмандан түшкөн ар кандай каттарды, „асман падышачылыгынын 7 ачкычы“ деген китептен (сыйкырчылар арасында бул таанымал китеп) оттуу сөздөрдү тагынып жүрчүмүн, башкаларга да кеңеш берчүмүн. Бир жолу ошондой „асмандын катын“ сыркоо балага тагып коюп, ал бала көз жуумп калды“.

Иш жүзүндө жогоруда айтылган „7 ачкыч“ (же жебе) китеби катты такай тагынып жүргөн адамдарга жана ушул „асмандын 7 ачкычы“ аларга жашоо же өлүүгө жардам берерине ишенгендерге бейишти жабуучу ачкычтын ролун аткарат.

### *Мусанын 6 – жана 7 – китептери*

Мурун эскертилген „Мусанын 6-жана 7-китеби“ деп аталган нерсе да „асмандын 7 ачкычы“ сыяктуу эле зыяндуу нерсе. Бул китептин Муса менен эч жалпылыгы жок. Бул душмандын амалы. Китепке Мусанын атын берүү менен, алдап, көптөрдү өзүнө азгырып алуу.

Померaниядан келген каттан: „Окуучу кезимде эле апамды бир нерсе тынчсыздандырып жүргөнүн сезчүмүн, маанайы пас да болуп кетти. Ал кезде Христостун Канынын күчүн түшүнүп, билчү эмесмин, ошондуктан ага турмушка керектүү жардам

берсем эле, абалын тынчтандырам го дечүмүн. Үйүбүздө мен көп жолу окуган „Мусанын 6-жана 7-китеби“ бар эле. Көп нерсе унут болду,бирок бир окуя алиге жаныма жай бербейт. Мен түшүнүксүз бир жат тилде сыйкырчылыктын кандайдыр бир туюндурмасын көчүргөм, аны өз каның менен сүртүшүң да керек экен. Кечинде ал кагазды жаздыгыңдын алдына коюп жатсаң, түшүңдө бактылуу лотерея билетинин номерин көрсө болот имиш. Бул китептен бир сүйлөмдү момго көчүрүп“ ушул аркылуу апам айыгып кетсин деп, анын мойнуна илип койдум. Арты кейиш менен бүттү. Апам бир нече жолу жан кыйдылыкка барды да, акыры коркунучта жүрүп көз жумду“.

Мекленбургдан бир эркек жазат: „Мен согушта жүргөн кезимде, аялым кыймасын ырымдатканы эмчиге барыптыр. Мурда аялым ишенчү, Кудайдан коркчу, бирок эмчиге баргандан кийин эле аябай өзгөрүп, эми ал да, уулум да ишенгендерди жек көрүшөт. Мурда динчилдер чогулуштарга барып турчу, эми бизге пастор келсе, ачуусу келип, чыгып кет деп эшикти көрсөтөт“.

Бул жерде сыйкырчылыктын өкүнүчтүү тажрыйбасы жана бул булганч иштер шайтан менен байланыштуу экендиги көрүнүп турат. Ушул мисалдар менен күбөлөрдөн улам бул иштер күнөөсүз иш эмес экендиги жана мында эч кандай библиялык же кудайчылык эч нерсе жок экендиги бардыгына айкын болду деп ойлойм.

Дагы бир нече мисал келтирейин.

Согуштан нерв оорулуу болуп кайткан бир жаш жигитке оорудан кутулуу үчүн, домчу-эмчилерге

барып көр деп кеңеш беришет. Ал үч жекшемби катары менен кара өрүк даракты кучактап: „Таш жыгач, жанымды кыйнаган арыз-муңумду сага айтам. Биринчи учуп өткөн канаттуу күйүт-зарымды ала кетсин, Атасы, Уулу жана Ыйык Рухтун урматына“, – деши керек болчу.

Помераниядагы бир кыштактан жазышат: „Эмчи-домчулуктун күнөөсүнүн айынан бул жердегилердин көпчүлүгү шайтандын кишендерине чырмалышкан. Бизде коркунучтуу иштер жасалууда. Сыйкырчылык катуу күч алып баратат. „Кара магиянын ана башына көбүнчө өздөрү барышат, кээде аларды чакырып келишет. Бүт кыштак шайтанга чырмалган десе да болот“.

Бул күбөлөрдү окуп жатып, шайтандын кара күчү канчалык баш көтөрүп жатканын түшүнүп жатасыздар го деп ойлойм. Балким, айрымдар дагы деле күнөм санап, башкача ойлоор. Мүмкүн, кат жазган бул аялдай ойлоп жаткандыр: „Адамдар көзү ачыктарга кайрылганын эмне үчүн чоң күнөө дегениңерге түшүнбөйм. Бул бизде адат экенин моюнга алыш керек, муну күнөө деп эсептегендер да өтө аз. Мен өзүм карта ойногонду да, карта менен төлгө ачканды да, сыйкырчылыкты да тааныгым келбейт, бирок мурда көзү ачыктарга кайрылгам. Негизинен бул ишти картаң, жакшы адамдар жасашат. Алар эч нерсе талап кылышпайт, өзүң канча кааласаң, ошончо бересиң. Библияда да айтылат эмеспи: „Силер колуңарды койгула, анан алар сакаят“. Врач айыктыра албаган ооруну эмчилер бир көрүп эле билип, айыктырган учурлар белгилүү“.

Сыйкырчылык жөнүндө ушул аялдай ойлогондор бул мисалдардан кийин Библияда көрсөтүлгөн колду коюп коюудан башка эч нерсе болбойт деп ойлошобу? Бул жерде адамдарды кишендерге чырмаган кара күчтөр аракет кылып жатканы бул мисалдардан улам айкын эмеспи?

Сыйкырчылык коркунучтуу күнөө экендигине али ишенбей жаткандарга кийинки бөлүмдөрдү жаздым. Анда сыйкырчылык коркунучтуу натыйжаларга алып келерин каттардан жана күбөлөрдөн улам көрөбүз.

# СЫЙКЫРЧЫЛЫКТЫН САЛАКАЛАРЫ

Көз байлоочулуктун салакалары ар кандай болушу мүмкүн. Эми өздөрү сыйкырчылык кылгандарга сөз берейин.

## *Сыйынуу үчүн кубаты жоктугу*

„Сыйкырчылык аркылуу шайтандын коркунучтуу бийлигине туш болдум, денем да, жаным да көп кыйналат. Ар дайым өзүмдү өзүм өлтүрсөм деген ой ээрчийт. Ушунчалык бошонгум келет. Бактысыз экем. Сыйынууга кубатым жок, жан дүйнөмдө караңгылык. Кудайга, биздин Куткаруучубузга жан-дилим менен кайрылар элем. Эми Ансыз менин жашоом коркунучтуу жана маңызсыз...“ Андан ары бул бечара жан мындай караңгылыктан бошонуу үчүн, ал үчүн сыйынып коюуну жан-дилинен суранган.

Башка бир катты окуйлу: „Библиядан эмнени окубайын, ошол эле замат унутам. Чогулушта айтылган кеп да эч кандай таасир бербейт, уккандарымдан эске тутуп калгандарым өтө аз. Бирок мен баарын эске тутуп, жүрөгүм менен кабыл алгым келет. Бала кездеги ишенимимди кайрып алууну ушунчалык эңсейм! Эмне үчүн бул колумдан келбейт? Мурда эмчи-домчуларга кайрылчумун, өзүм да эмчилик кылчумун...“

Кудайдын Сөзүн түшүнбөй, аны эстеп жана Жазууну үйрөнүүгө кызыгуу жок экендигинин себеби эмчи-домчуларга кайрылгандан экендиги түшү-

нүктүү болуп турат. Адамдын жан дүйнөсү шайтандын чүмбөтүнө чулганып калгандыктан, Кудайдын Сөзү акылга сиңбей, түшүнүксүз болууда.

Вестфалиядан келген катта кимдир бирөө наразы: „Жыйырма жыл мурда катуу ооруп, эмчидомчуга бар деп кеңеш айтышты. Бардым. Ошол күнөөм Кудайга сыйынууга бөгөт болуп жатканын эми билип жатам. Теңирге сыйынып жатканда, сыйынбай эле койсомбу, мунум жардам деле бербейт деген ойлор келет. Мени ошондой эле ыпылас ойлор да көп кыйнайт

## *Тынчтыктын жоктугу*

Вюртембергден келген катта айласы куруган бир жан жазат: „Эч жерде тынчтык жок. Кудай күнөөмдү кечирсин деп сыйынам, ар күнү өзүмчө минтип кайталайм: Кудай менен жарашпай туруп, уктаганга жатпа. Канча түндү көз жаш төгүп өткөрдүм! Башым ушунчалык начарлап кеткендиктен, ойлогонго да алым келбей калгандай сезем. Куткаруучу күнөөлөрүмдү кечирген экен деп ишенгим келет, бирок үстүмдөн кандайдыр бир оордук, чыдагыс бийлик басып тургандай сезем. Акылдашууга бир адам табылса экен деп да ойлойм. Кол-буттарымдан оор жүк басып тургандай сезилет, күнөөлөрүм бет алдымда күнү-түнү турат. Теңир мени аяп, боор ооруп койсо гана! Башыма жаман ойлор кирет, алардан арылгым келет, бирок ал ойлор ого бетер бекем орнойт. Кудайга жакын болсом деп жүргөн мезгилден бери бул ойлор ого бетер маземди ала берет. Суунун

жанынан өтүп баратып, үндү угам: „Ууга өзүңдү өзүң ташта, баары бүтөт да, жаның жай алат“. Бычакты көрсөм да оюмду бирөө азгырып, өзүңдү өзүң муузда дейт. Ошентип, шайтан күнү-түнү артымдан калбайт. Рухий ырларды угуп тура албайм, уксам эле ыйлагым келет. Кубануу, ыраазы болуу мага жарашпагандай сезилет. Өмүрүмдү кыйсам гана жаным жай алат“. „Өткөн жылы астма кыйнап, дарыланып айыгууга жардам бере турган бир аялга бар дешти. Мен кичинекей кезимде да апам бир бүбүгө жиберген... Эми болсо, өзүмдү өзүм өлтүрүү жөнүндө ойлор эсимен кетпейт.

## *Өзүн өзү өлтүрүү жөнүндө ойлор*

Мындай жаман ойлор көз боочулук күнөөнүн залдары. Мурда белгиленгендей, адамдын өлгүсү келиши, жаман маскаралоочулук ойлор акыл, кеңеш катары сезилет. Айрымдар токойдон өтүп баратып, акырын чыккан үндү угат: „Бар да асынып өл, ошону менен баары бүтөт“. Алар темир жолдун жанынан өтө алышпайт, себеби кандайдыр бир үн поезддин алдына жата кал деп чакырат. Шайтан айрым учурларда ушундай коркунучтуу ойлор аркылуу өз максатына жетет. Мындай коркунучтуу жадатма ойдон арылыш үчүн, адам өмүрүн өзүн өзү өлтүрүү менен бүтүрөт.

## *Жаман маскаралоочулук ойлор*

Айрым адамдарды жаман маскаралоочулук (кощунство) ойлор бийлеп алат. Адатта, мындай

ойлор Кудайга, Куткаруучуга жана Ыйык Рухка багытталат. Мындай ойлорду жазып баяндагым келбейт, анткени өзүмдү да, өзгөлөрдү да аны менен азгырып алаксытпайм, себеби шайтан ар кандай жаман сөздөрдү адамдын эсинде калтырууга жан далбас кылат, кийин болсо андай сөздөрдөн арылышың оңойго турбайт. Ушундай ойлордон жүдөп жүргөндөр айтышат: „Мындай ойлогуң да келбейт, бул менин жүрөгүмдөн чыккан жок: „Эгерде ушундай кимдир бирөө кулагыңа шыбырап жаткандай ойлор келсе, бул абдан коркунучтуу нерсе. Адатта, мындай ойлор адам сыйынып Кудайга кайрылып жатканда, Библияны окуп жатканда же динчилдер чогулушта Кудайдын Сөзүн кунт коюп угуп жатканда келет. Шайтан ушундай ойлору менен көптөгөн адамдарга тез-тез келгендиктен, жаман ойлор кыйнабасын деп, чогулуштан кетип калышат, Кудайдын Сөзүн окубай, сыйынганын токтотуп коюшат. Ушинтип, душман аздыр-көптүр өз максатына жетет да, Кудайдын балдары бирибири менен, ошондой эле Кудай менен баарлашуудан качып жатышат. Тирүү Кудай менен сүйлөшүүнү каалабай, алар акырындап улам пастай берип, акыр аягында кара күчтөрдүн колунда оюнчук болуп калышат.

Жаман маскаралоочу мындай ойлор эмчи-домчуларга кайрылуунун натыйжасы. Эгерде ушундай ойлор кимдир бирөөлөргө таңууланса, анда алар көзү ачыктарга кайрылып, ошол аркылуу шайтанга чырмалып калган деп, адашпай эле айта берсе болот.

## *Кудайдын Сөзүн түшүнбөөчүлүк*

Көзү ачыктарга кайрылгандан кийин, адамдарда Кудайдын Сөзүн түшүнүү жөндөмдүүлүгү жок болуп калат. Качандыр бир кезде, өзү айткандай көз боёмоочуга (обаятель) кайрылган Вюртемберг-ден бир аял жазат: „Кудайга сыйынып жашаганыма бир жылдай болуп калды, ошондон бери шайтандын чынжырынан бошонгум келет, бирок майнап жок. Бул туурасында көп нерсе жазса болор эле, бирок мен бир нерсени гана айткым келет: Кудайдын Сөзүнө баш ийип жашай баштагандан бери, башым тез-тез ооручу болду. Шайтан ар кандай жалаа ойлорду башыма үйө берет, мен алардан арылгым келет, бирок эч жардам жок. Мени эмне үчүн ушундай ойлор басат, көз боочулар менен байланышта болгон жок белем деп апамдан сурасам, кичине кезиңде көп эле алып барчумун деп жооп берди“.

Саксониядан бир аял нааразы: „Караңгылык менен үмүтсүздүк абалда ийгиликсиз күрөштөн чарчаганда, жашагым келбей кетет. Айкашкан жыгачка керилген Ыйсага үмүт менен карайм, ошондо айкаш жыгач мен али карыз экенимди, күнөөлөрүм мойнумда экендигин эске салат. Ыйса мен үчүн айкаш жыгачка керилгени мени ого бетер бушайман кылат. Мурда мен төлгө ачып, жана башка иштер менен байланышта болчумун. Каргыш менин балама ооп кетти деп эсептейм, себеби ал аябай ачуулуу. Өткөн жылы мен Кудайдан такыр эле алыстап кеттим. Ошондо түшүмө Ыйса Христос кирип, минтип сурады: „Өткөн тур-

мушуңду калтырып, Менин эркиме унчукпай баш ийгиң келеби?“ Мен көшөрүп жооп бердим: „Жок!“ Ошол көшөрүп койгонум түшүмдө болсо да, мени ушул кезге чейин кыйнайт. „Жок“ деген бир ооз сөзүм менин капалуу көңүлүмдүн себеби болду окшойт. Теңир Өзү мага жардамга шашып келбесе, өз өмүрүмдү өзүм кыйып, түбөлүккө өчөм го. Күрөшүүгө күчүм жок, күрөшкүм да келбейт, себеби чарчадым. Көп кыйналдым.“

## *Өлтүрүү жөнүндө ойлор*

Помераниядан бир нече жылдардан бери мени уулантып өлтүрүп кетет деген ойдон жапа чегип жүргөн бир аял үчүн сыйынып коюуну өтүнүп кат жазышат. Ал ар бир жума сайын жиндикананын жетекчисине барып, мени жаткырып койгула деп суранат. Аны оорудан айыктырам деген жетекчинин аракети текке кетти. Бечара аял элге аралаша албайт, адамдар аны уулантырып кое тургандай сезилет. Анын таң калыштуу ооруусу жөнүндө бир аял менен болгон аңгемелешүүдө айкын болгондой, ал бир мезгилде көз боочуларга кайрылган экен. Алар анын кыйма оорусун айыктырышкан. Аял ишенген адам, диний коомунун мүчөсү болсо дагы, мындан эч кандай жамандыкты көргөн эмес. Анын жогоркудай абалда калышына мына ушул себепкер болгондугун ага түшүндүрүү өтө кыйынга турду.

Мындай иштердин эч кандай жамандыгы жок деп айтуу – бул шайтандын куулугу. Эгерде муну адамдар түшүнсө, анда өкүнүп, Кудайга кайрылмак да, шайтандын бийлиги алдан тайып кетет. Ар

берибизге „Анын себеби мында эмес“ деп айтуу менен шайтан бизге тоскоол берүүдө.

Бирок себеп дал ошондо. Жогорку күбөлөрдүн сөздөрүн окуп жана эмчилерге кайрылуунун натыйжаларын көрүп отуруп, муну түшүнсө болот. Адам өзүн өзү шайтандын чынжырына байлап коет, аны үзүп чыгуу оңойго турбайт.

– Ким шайтан менен байланышып калса, ал аябай кыйналат:

„Душман жүрөгүмдөн орун алып алды да, аны булгап бүттү. Жүрөгүмө эми шек саноолор уялап, ишенимге толук кире албай жатам. Ыйса мени айыктырайын деп аракеттенсе, шайтан мени жок кылайын деп, бүт күчүн үрөйт. Денемди жана жандүйнөмдү жок кылайын деген бардык кара күчтөр бөлмөмдө жүргөндөй сезилет. Алар мени түндө түбөлүк опат болууга алып кете тургандай сезилет. Менин кыйналганымды көрүп, Кудай буга жол бербейт. Мындай коркунучтуу азап чегүүдөн тезирээк эле кутула алсам, кандай жакшы болор эле! Менин эңсегеним – бул тозоктон кутулуу. Теңирдин минтип айткан сөздөрү эске түшөт: „Балта жыгачтардын тамырынын жанында коюлду: жакшы жемиш алып келбеген ар кандай жыгач кесилет жана отко ыргытылат...“ Азыркы тапта мен да ошондой оттун ортосундамын, бирок кутулууну аябай эңсейм“.

Сыйкырчылык (көз ачыктык) кылгандардын бардыгы жакында коркунучтуу азап чеге тургандыгын ойлонушса. Торуна түшкөндөрдү шайтан кандай коркунучтуу шылдыңдайт! Анан эмне үчүн көптөгөн адамдар мындай күнөөдөн аман калгылары келбейт?

Вюртембергден келген катта эң коркунучтуу баян жазылат: „Арыла албай тургандай оор азгырыкка кабылдым. Ушундай абалымда Кудайдын атын атап, Андан жардам сурагым келди, бирок кокусунан минтип айтып жибериптирмин: „Мени сүйгөн шайтан, мени куткар, жардам бер“. Ошондон бери жашоом оор кишенге байланып, ошонун таасиринде калдым. Кыска, бечара өмүрүм талкаланды. О, кара күчтөр, Кудайды жамандаган ойлор! Чын дилимден өтүнсөм да, ал ойлор менден эч качан кетпейт. Түнт ойлор күнү-түнү мага тынчтык бербейт. Кантип эле Ыйсанын курмандык Каны мени тазартпасын да, Ыйык Рух мени жандандыра албасын? Күндөрүмдү максатсыз өткөрөм, жаным айтыла элек бук менен муңсыздоого толгон. Мунусу аз келгенсип, Кудайдын атына акарат келтирген маскаралоочулуктун жини. Жүрөгүмдө жаман, кара өзгөй ойлор үстөмдүк кылат. Чырмалышкан мындай түйүндөрдү үзүп таштоого болбойбу? Жүрөгүм таза болуп, бүт бойдон Теңирге кызмат кылып, Анын жолуна түшүүнү ушунчалык каалайм. Бул жападан жалгыз каалоом“.

Уккула, булардын бардыгын, сыйкырчылыкты, төлгө ачууну күнөөсүз иш деп эсептегендер! Дене кыйналгандан арылууну каалап, шайтанга кайрылгандар, силер да уккула! Шайтан – коркунучтуу бийлөөчү. Алгач жеңил ойлууларды өз торуна чырмайт. Адамдарды ал мында кандайдыр бир ыйык нерсе катылуу деп азгырат, себеби Кудайдын аты айтылып, сыйынуу болот эмеспи. Ошондон кийин гана шылдыңдап: „Күнөөң кечирилгис. Андан көрө жип алып, асынып өл,“ – дейт.

Бир убакта шайтанга кайрылгандар, Кудай күнөөңөрдү үзсүн десеңер, тобо келтиргиле да, жаныңарды үрөп сыйынгыла. Кудайга шүгүр, Ал ар кандай кишендерди чечкенге кудуреттүү!

Шайтандын кишенинен кантип бошонуу жөнүндө айтаардан мурун, карта боюнча алдын-ала айтуу, төлгө ачуу, өлгөндөр менен сүйлөшүү жөнүндө сөз кылалы. Бул аркылуу каякка туш болорубузду жана эмнеге ээ болорубузду көрөлү.

# КАРТА МЕНЕН ТӨЛГӨ АЧУУ ЖАНА АНЫН САЛАКАЛАРЫ

Бул маселе боюнча бир нече каттарды мисал келтирели: „Атам сыйкырчылык кылчу. „Мусанын 6,7-китептерин үйрөнүп, ар кандай сыйкырлуу эрежелерди жазчу. Апам да шайтандын кишенине чырмалып, кыйналып жатып көз жумган. Апам өлгөндөн кийин, муңайым тартып кеттим. Күн нуру менен Кудайдын табиятынын коздугу да таасир этпей калды. Өлүш керек деген эле ой – санаа басып калды. Мени ошондо Кудайдын мээрими гана сактап калды, болбосо түбөлүккө көз жуммакмын. Ал мезгилде картачыларга тез-тез кайрылчумун, кандайдыр бир „асмандан түшкөн кат“ тагынып жүрчүмүн, бул күнөөгө абдан терең эле баттым.

Бир нече жыл илгери Теңирге кызмат кылам деп, бекем чечтим. Күнөөнүн сормосу арасынан жарыкка чыгууга умтулдум. Азыр да, Ыйса Христостун энчисине таандык болуп калганымды сезип турганым менен, мага жанымдын жай алуусу менен толуп – ташыган кубаныч жетишпейт. Өлүм жөнүндө ойлоп жатсам да, кандайдыр бир тынчсызданууу кыйнайт, куткарылганыма ишенимдүүлүк жок. Көп учурларда өзүмдү алсыз, басмырлангандай сезем. Сыйынуу чогулуштарына баруу, Библияны окуу, сыйынуу мен үчүн милдеттүү болуп калганы менен, ички күчтүү тилегиме айлана элек. Толук куткарылган мүмкүнчүлүккө ээ болгум келет, бирок ага күч-кубатым жок“.

Бул жерде артка тартып, тушап жаткан кандайдыр бир бийлик бар экени көрүнүүдө, бирок Кудайга шүгүр, Ыйса бардык кишендерди чече алат!

Берлиндин жанынан бир кыз жазат: „Менин Кудайга умтулуп жүргөнүм сүйүү эмес, коркуну ч экенин моюнга алышым керек. Анын адилет соту жөнүндө ойлосом, денемди калтырак басат. Бир жолу Еврейлерге жиберилген каттан (10,31) окуп калдым: „Тирүү Кудайдын колуна түшүү – өтө коркунучтуу!“ Бул чындык мага каршы айтылган экен деп сездим. Менимче, мага окшогон абалга караганда, Кудайга ишенбөө бир топ дурустай сезилет. Ал турмак, бир жолу төлгөчүгө барып, мен оорүп каламынбы, жокпу жана өзүмдү Куткаруучума качан толук тапшырарымды билгим келди, себеби менин жаным тынччылыкты каалайт“.

Ушунун өзү шайтандын чоң иши эмес бекен? Жаның Кудайга умтулса, шайтан болсо: „Төлгөчүгө жөнө, сенин кезегиң качан келерин бил,“ – деп шыбырайт. Теңирге берилүү мүмкүнчүлүгүн шайтан ушинтип карактап алат да, адам өмүрү ибилистин бийлигине өтөт. Шайтан кандай амалкөй!

Башка бир катта минтет: „Кайын атам менен кайын энем мурда ишенген бир үй-бүлө менен тез-тез кездешип турчу. Алар кокусунан эле кездешпей калышты. Ошондон көп өтпөй, бир кемпир кайын энеме карта менен төлгө ачууну үйрөтүп коюптур. Ал кийин өзүнүн гана эмес, тааныштарынын келечегин айтып берчү болду. Студент күйөөм Кудайдын мээриминен улам, христиан студенттердин коому аркылуу Теңирге кайрылганда,

кайын энем кем акылдай болуп калды. Өз ыйыктыгың аркылуу өз келечегиңе балта чабасың деп күнөөлөдү. Күйөөм бул коомдон чыккын деген анын катуу буйругун укпай койгондо, ага жаман жана сөз укпас баласы катары мамиле кылып калды. Баласынын өтүнүчү боюнча ал кээде Библияны окучу, ал турмак, төлгөчүлүгүн таштоого да убада берди, бирок бир аз мезгилден кийин эле баарын унутуп, өз ишин уланта берди. Эми болсо ал христиан ишениминен толук четтеп, спириттер менен кездешип жүрөт. Бир жолу өзүн – өзү өлтүргүсү келди. Кээде жүрөк жылыткан каттар жазат да, кээде эч себеби жок эле тажаалданып жазган каттарын алабыз. Болгондо да андай жаман каттарды Теңир бизди өзгөчө алкыштаганда алабыз. Ал муну билбегени менен дайыма сезет. Бир жолу ал бизди бала-чакабыз менен каргады. Кийин ал каргышын кайра алды. Бизге билгизбей туруп эле, биздин да келечегибизди айтып берүүсүн спириттерден өтүнгөн. Күйөөм анын мындай кылуусуна тыюу салды, бирок ал токтоттубу же жокпу, бизге белгисиз“.

Шайтан кай жакка алып барарын көрдүңүзбү, апасы өз балдарын каргаганга да макул! Ушунун өзү коркунучтуу эмеспи? Кудайга ишенген кызга баласы үйлөнүп, өзү да Христостун жолуна түшкөнгө сүйүнүүнүн ордуна, апасы акыл-эстен кетип жатат.

Картачыларга кайрылгандар жан-дилдери менен тынччылыкка жеткилери келишсе да, ага жетпей тургандыгы тилекке каршы мыйзам ченемдүү нерсе. Саксониядан бир аял жазат: „Мен кандай-

дыр бир деңгээлде кайра жаралгандай болдум, бирок менде чыныгы бейпилчилик жок, куткарылганыма ишенимим жок. Мурда мен эмчилерге кайрылчумун, көп жолу карта менен төлгө ачып беришкен. „Кантип эркин болуу мүмкүн“ деген китепчени окуп чыктым, бирок эч нерсе жардам бербеди. Кудайдын кубанычтуу баласы болууну канчалык эңседим эле! Бүт көз жашым менен сыйынууларым эч нерсе бербеди. Эркин болуп, бул кубанычты башкаларга да ыроолосом деп канчалык эңседим эле!“

Жаның Ыйсаны ээрчигиси келип, күнөөлөрүң кечирилсе, бирок бейпилчилик жок болсо, кандай коркунучтуу. Ортодо шайтан минтип жаткандай: „Сен тобо келтирүүнү каалайсың жана Кудайдын баласы болгуң келет. Ага жол бербейм! Менин өз укуктарым бар, сен меникисиң!“ Бул кишендерди чечип, жаныңды жай алдыруунун жолун тазалоо үчүн көп сыйынуу керек. Шайтан ага берилип калгандардын жанын гана эмес, денесин да кишенде кармайт. Алгач алтын тактыны убада кылып, кийин алдап кеткен шайтан жалганчылыктын атасы катары чүмбөтү сыйрылат.

Бечара жесир аял жазат: „27 жылдан бери коркунучтуу оорукчанмын. Жеке түшүнүгүмдө ал сыйкырчылыктын натыйжасы. 26 жашымда ооруп калдым, азыр 53 төмүн. 27 жыл бою шайтан денемди, жанымды, рухумду катуу кыйнап келатат. Мектепте окуганда, Библияны үйрөнүү сабагын аябай жакшы көрчүмүн, бала кезден эле Кудайга кандайдыр бир ык тартуумду сезгем. Көптөгөн аяттарды, рухий аңгемелерди эстеп калчумун. Кийин узак

мезгил мени шайтан кыйнап жүрдү. Кай жерде болбоюн, коркутуп кыйначу. Ушул жылдар бою мени кандайдыр бир коркуноч,куса эзет. Кээде акылымдан ажырап баратамбы деп да ойлойм. Анын үстүнө оорукчанмын дагы. Кудайды жамандаган ойлор аябай кыйнайт. Мен күрөштүм, Библиядан жатка билген аяттар менен коргонууга аракет кылдым. Мен үчүн башка бирөөлөрдүн сыйынуусун өтүндүм. Бирок ушу кезге чейин эч нерсе жардам бербеди. Чырмалып калган бул кишендерден кутулууга Кудай жардам берерин эң сонун билем. Анын ушундай бийлиги бар, болгону ал качан болот?“

Шайтандын кишендерине бүт өмүр чырмалып өткөндүгү кандай өкүнүчтүү! Эгерде өмүрүбүздү Теңирге ишенип, Ал биздин боорукер Кайтаруучубуз катары болсо, андай өмүр башкача өтөт. Анда биз Дөөт 22 – Забурда ырдагандай нерсени баштан кечирмекпиз: „Жараткан Теңир менин Кайтаруучум; Мен эч нерседен кем болбойм: Ал мени эгиндүү жайытка жана жай аккан суу боюна байыр алдырат, Өз атынын урматы үчүн жанымды чыңдап, чындыктын жолуна чыгарат“. Забурда айтылат: „Ал жанымды чыңдайт“, ал эми аялдын катында: „Ал менин жанымды кыйнайт жана коркутат“ деп окуйбуз. Чоң айырманы байкадыңарбы? Төлгө ачып жүргөн бардыгыңар, же аларга кайрылып жүргөндөр, муну уккула!

Балтика боюнан бир Кудайга ишенген киши жазат: „Бизде да көз боочулуктун күнөөсүнөн көпчүлүк кыйналууда, бул Теңир алдындагы ыпластык экенин түшүнүшпөйт. Жакында өзүн чыны-

гы ишенимдемин деп эсептеген бир аял менен сүйлөштүм. Аны Кудайдын Сөзү насааттталып жаткан бардык жерде: сыйынуу үйүндө, пастордо, Библия сабактарында, ишенгендердин чогулуштарда көрүүгө болот. Бирок ал Кудай алдында кандайдыр бир өзгөчө абалды ээлебейт. Аны менен сүйлөшө келсек, ал мурда көз боочуларга кайрылган экен“.

Сыйкырчылыктын күнөөсү каргыш катары өзүнө гана эмес, туугандарына да жүктөлөт. „Кайын энем төлгө ачып, ар кандай асмандык каттарды жазчу. Өз өмүрүндө ал кайгыга жана коркунучка толгон канча деген күндөрдү кечирди! Мындай каргыштан ал өзү гана эмес, баласы, кызы, менин аялым, жакындары да жапа чегишет. Эң коркунучтуусу – аларда Кудай жөнүндө ачык түшүнүк жок. Алар көнгөн сыйынуу үйлөрүнөн баштап, адвентисттердин чогулушуна чейин биринен сала экинчисине катыша беришет“. Кандай коркунучтуу наалат! Чын дилдеринен каалаганы менен чындыкты таба алышпай жүрөт! Эгерде сыйкырчылыктын коркунучтуу күнөөсүн адамдар күнөө деп сезип, тобо келтирбесе, анда ал күнөө жаныңды караңгылап, кишендейт. „Менин таежем – ар кандай кара күчтөрдүн кулу. Ал ичкилик жана чылымсыз тура албайт. Уулу жана анын аялы да шайтандын толук бийлигинде. Сыйкырчылык эмнени гана кылбайт! Менин агам магнетопат эле. Бул сөздүн так мааниси кандай экенин билбейм, бирок анын жарыялоо билдирүүсүнөн: „Сыйынуулар жардам бербейт“ деген сөздөрдү окуганымда, ал Кудай жөнүндө эч нерсе билгиси келбестигин толук түшүндүм. Бул

анын каттарынан деле сезилип турат, себеби ал менин бир тууганым эмеспи“.

Баденден келген каттан окуйбуз: „Менин кары кошунам төлгөчү. Аны келечекти айтып бере алат деп жүрүштү. Апам чоң энем менен акылдашпай туруп, келечегин айтып берүүсүн өтүнүптүр. Чоң энем Кудайга чыныгы ишенүүчү болгондуктан, буга эч качан жол бербейт эле. Ошентип, алиги аял биздикине тез-тез келе турган болду. Чоң энем болсо, ал үйгө келбесинчи деп жалбарат. Мен сыйына албай калгам, себеби ошондон соң, үйүбүз жин-перилерге толуп кеткен эле. Мен эң кичүүсү элем. Алты жашымдан оорукчан болуп, астма кыйначу. Мен бир аз чоңойгондо, апам төлгөчүгө барып, менин күйөөгө чыгар, чыкпасымды билгиси келиптир. Мен 15 жашымда чоң энем өлүп, аны менен бирге сыйынуунун кайрымдуу руху да өчүп, үйүбүз шайтандын бийлигине толук өттү. Акыры мени да төлгөчүгө барууга көндүрүштү. Эми бир күнөөнүн аз-көбү эч кандай мааниге ээ эмес деп эсептедим да, бардым. Ал менин өткөн турмушумдун бардыгын, келечегимдин бир азын айтты да, күтүлбөгөн жерден аңгемесин токтотту: „Кимдир бирөө көз алдыма кагаз тосуп, мындан аркысын көрбөй жаткандай абалда турам. Мындан ары эч нерсе айта албайм,“ – деди. Менин жашоомду тобо келтирген жерине чейин ал туура айтып бергенине кийин түшүндүм. Ушул кезге чейин шайтандын кишендеринде жүргөндүгүм айкын болду. Мен төлгөчүгө баргандан бир нече күндөн кийин, ал аял шатыдан жыгылып, мойнун сындырып алганын уктум. Мени катуу коркунуч басты. Муңайым

тарткан учурум көбөйүп,акылдан ажырап каламбы деп корктум. Бут астындагы пайдубалым жоголгондой сезилди. Үй-бүлөбүз туш тарапка тарады. Апам менен бир агам Америкага кетишти. Мен да ошерге кетип,бирок көп өтпөй кайтып келдим. Кандайдыр бир эң коркунучтуу нерсе баштан өтүүдө. Кимдир бирөө үчүн сыйынып баштасам эле, өзүмдү жаман сезип, денем ысылап, аба жетпей калат. Өлүм алдында жатып калган көп учурлар болду. Тез эле оор абалга өтүп кетчү таң калыштуу бул оорудан аябай корктум, бир чети бул оорудан заматта жеңилденип да калам. Менин эжемде да кандайдыр бир түшүнүксүз нерсе болууда... Ал эч нерсе көрбөй эле айланып басып жүрө берет, мындан ары эмне болорун да түшүнбөйт..."

Көрдүңөрбү, бул күнөө көп үй-бүлөлөрдү жана алардын муунун кайда алып баратат? Коркунуч менен үмүтсүздүккө толгон дагы бир катты келтирип,ошону менен бул теманы аяктайм. Төлгө ачуу, сыйкырчылык ж.б. ырымдар аркылуу адам шайтанга байланып калары ар бир адамга түшүнүктүү болор дейм.

„Нерв системама ушунчалык катуу доо кетип, акылдан ажырап каламбы деп ойлогом. Бала кезимде мен көп ооруп, жардамы тийсин деп, апам эмчи-домчуларга мени көп алып барчу. Бул тууралуу апам менен олуттуу маанайда сөз кылсак, эми ал бул күнөөсүн сезип жатат. Болгону, рухий жактан бир аз „жибиди" окшойт. Менин катуу кыйналганымды көрүп, ал күнөө сезиминен аябай кабатырланат. Ошондо ал ыйлайт, сыйынат, бирок

мен аз эле оңоло түшсөм, ал кайрадан таң калаарлык көңүл кош болуп калат...“

Бул катты андан ары окугум келбейт. Өлүүгө аракет кылуу, үмүтсүздүк, спиритизм, көз боочулук жана нерв системанын толук бузулушу бул каттын мазмунун түзөт. Катты тез эле окуп бүтсө болот. Бирок бир аз акыл токтотуп, андагы адамдын кыйналганын ойлонуп көрсөң, жанындан түңүлөсүң. Биз Куткаруучу жөнүндө кубанабыз; Ал үчүн жашап, Ага кызмат кылганыбызга кубанабыз; Ал биздин сыйынуубузду угуп жатат, Ал биздин ак көңүл Кайтаруучубуз деп сезебиз. Ушундай болсок деп тилек кылган адамдар бар, бирок шайтан аларды басмырт ойлор менен бек кишендеп коюп, өзүн өзү өлтүрүүгө жетелейт. Ушундай ишке жүрөгүң кантип оорубасын! Биздин коркунучтуу душманыбыздын тырмагына өз эркинен тышкары илинип калгандар үчүн көбүрөөк сыйынып, Кудайды чакырышыбыз керек. Мисалы, ата-энелер балдарына жакшылык тилеп, төлгөчүлөргө алып барышкан. Кудайдын балдары, силер, Теңирде силерге кубаныч менен күч-кубат бар экенин айта аласыңар, оор кишендерге кишенделип, эркин болсок дегенде, ак эткенден так этип жүргөн бечаралар жонүндө ойлонгула. Аларды өз сыйынууңарда унутпагыла. Бул ыйык тапшырманы колго алгыла; Кудай аларга да Куткаруучу жана Жубатуучу болуп ачылышы үчүн сыйынгыла.

# АРБАКТАР МЕНЕН БААРЛАШУУ (СПИРИТИЗМДИН ИШИ)

Бул бөлүмдө мен силерди арбактарды чакыруучулар, б.а. өлгөндөр менен сүйлөшүүчүлөр менен тааныштырам.

Бир аял жазат: „Жыйырма жыл бою төлгө ачып, өлгөндөр менен сүйлөшүп жүрдүм. Адамдар тынбай келип турушту. Менин алдын-ала айткандарымдын көбү дал келчү. Мен жарды жана ушу кезге чейин деле акчага муктаж болуп жүргөн соң, мунун эч жамандыгы жок деп ойлочумун. Бир жолу мага ишенген аял келди да, бул күнөөлүү, жаман ишимди токтотуумду суранды. Мен пайдаланып жүргөн китебим менен картамды ал алып кетти. Ошондон кийин апталап жаным жай албай койду. Көз жашымды көлдөтүп, мындай экинчи эч качан кайталанбайт деп Кудайга ыйык убада бердим. Көп өтпөй диний коомдун мүчөсү болдум. Күйөөм буга каршы болду, бирок мен буга кайгырган деле жокмун. Ал өлөрдөн бир аз мурун: „Мени менен чогулушка барбайсыңбы?“, – деп сурап да койгом. Ал Кудайга акарат сөздөр менен жооп берди. Каяккадыр ал кетип калды да, өтө жаман абалда келди. Сүйлөй албай калыптыр, бирок акыркы мүнөткө чейин эс-акылдан танган жок. Тизелеп алып, мен Кудайга жалындым, анын күнөөлөрүн кечире көр же анын күнөөлөрү үчүн мени азапка сал деп. Менин сыйынганымды угуп, ал ыйлады да, ошондой абалда дүйнөдөн кайтыш болду.

Күйөөм өлгөндөн кийин, ыркыраган ырылдаган

үндөрдү дивандын астынан укчу болдум, бирок эч корккон эмесмин, себеби Кудайга ишенип көнө баштагам. Төлгө ачып, өлгөндөр менен сүйлөшүп жүргөндө да, эшиги жабык бөлмөмдөн кандайдыр бир кара элестерди көрүп, түшүнүксүз добуштарды укканымды айта кетким келет“.

Шайтандын кишенинен бош эмесмин деп, бул аял ушул кезге чейин даттануууда. Бул аялга барып жүргөн, Кудайга ишенген бир аял таза эмес күчтөр менен байланышта эмеспи, – деп сурайт?

Шексиз, ал шайтандын торунда. Кудайдын Сөзү минтип айтат: „Бул ишти жасаган ар ким Теңир алдында жийиркеничтүү“.

## *Чөйчөктү айландыруу*

Берлинден келген катта чөйчөктү айландыруу жөнүндө, андан кийин эмне болгону тууралында айтылат: „Аялым экөөбүз тааныштарыбыздан чөйчөктү айландыруу жөнүндө уктук. Спиритизм шайтандын иши экенин билчүбүз да, аны менен алакада болчу эмеспиз. Бирок бул биз үчүн жаңы нерсе эле. Чөйчөк кагазга жазылган алфавиттеги бир тамгадан экинчисине карай айланып турду. Биз менен ким сүйлөшөт деген суроообузга өлгөн адамдардын арбактарынын аттары аталды. Бөлмөдөгү ар бир адамдын суроосуна жооп берилди.

Экөөбүз тең бул жерде пайда болгон кандай күч бар экенин билгибиз келди. Биз Кудайды издеп калганбыз, ошондуктан кара күчтөрдөн сакталуубуз деп сездик. Ооба, биз Кудайды издеп жүргөнбүз, бирок дале болсо чын жүрөгүбүз менен эмес

болучу, болбосо мындай күнөөгө да туш болмок эмеспиз. Чын жүрөгүбүздөн Кудайды издеп жүргөнүбүз менен, күнөөлүү экенибизди жана тобо келтирүүнү аңдап-сезе элек болчубуз.

Биздин издеп жүргөнүбүздү Кудай билерине ишенгенбиз, ошондуктан чөйчөк кандай күчтүн жардамы менен айланып жаткандыгы ушул бөлмөдө ачылат деп үмүттөндүк. Бирок муну биз өзүбүз ойлогондон башкача жагдайда билдик. Бир жолу аялым экөөбүз арбактарды сураштырып калдык. Айыгышкан күрөш башталды. Биз чыккан бардык арбактарды четке кагып, биз менен ким сүйлөшүп жатканын билгибиз келди. Ошондо чөйчөк столдо мурдагыдан да башкача күч менен түрдүүчө тегеренип, жазылган тамгаларды ар жак, бер жакка түртүп, кайрадан чогултуп койду. Биз караңгы арбактар менен сүйлөшүүдөн баш тартып, чындыктын рухун чакырдык. Эгерде ал шайтандан болсо, бизге жооп бербей эле койсун. Акыры окудук: „Кудайдын элчиси“.

Бул арбак бизге айтылбаган ойлорубузга да жооп бере баштады. Арбак өзүн туура атадыбы деп, оюбузда али шектенип турганыбызда, бизге минтип айтылды: „Шектенбей ишене бергиле, мени Кудай жиберди. Кудай силерге ачылгысы келет, себеби силер Анын чыныгы издөөчүсүсүңөр. Кудай кимге кандай кааласа ачылат“.

Ушундан кийин кеп-сөз көбөйүп, Ыйсанын кайра келиши жакындады жана алар Кудайдын иштеринин күбөлөрү болууга тийиш дешти. Алар улуу кыямат күнү келгенге чейин, такыба адамдар катары Ыйсанын кайра келиши боло тургандыгы

жөнүндө күбөлөндүрүшү керек. Ыйсанын Өзү сүйлөгөн экен деп, алар ишенип калышты. Алар көп күн жана көп апта уккандарынын таасиринде болушту. 3 жашар кыздын арбагы Кудайдын жиберген өкүлүмүн деп, ал кабарды жарыялай баштагандан кийин, аларды алып кетүүгө убада берди. Алар бул арбактын таасирине ушунчалык туш болгондуктан, тамактанганды, балдарын тоюндурганды унутуп коюшту. Канчалык арылаган сайын, ошончолук жаман. Арбак аялга коркунучтуу жаман нерселерди айттыра баштады, ал болсо муну өз жүрөгүнөн айтып жаткандай сезген. Бир мерте ал кыйналып жатып минтип жиберди: „Эгерде менин жүрөгүмдөн жаман бир нерсе тапсаңар, анда ал шайтандын салганы, мен андай эмесмин“. Ушул сөздөрдөн кийин чөйчөк тынчып калды...

Акыр аягында алар шайтан менен байланышып жана алданып калышкандыгын түшүнүштү. Алар бүт баарынан баш тартышты. Ошол учурдан баштап, алардын үйү жагымсыз жытка толуп кеткени кызык, аргасыздан ич кийим, шейшептерди алмаштырышты. Идиш-аяк да экинчи күнү алмаштырылды, болбосо пайдаланууга болбойт эле. Бир нече күндөн кийин аялын жин-шайтандар арбап алчу болду. Ал өтө коркунучта кыйкырып жатты: „Ыйса, Дөөттүн Уулу, мага боор ооруп койчу!“ Ушинтсе жин-шайтандар жок болуп кетти. Эми ошол адамдар шайтандын бийлигинен бошондук деп айтып жүрүшөт.

Чөйчөктүн же стакандын айланышы канчалык „күнөөсүз“ экендиги ушундан көрүнүп турат.

Спиритизм менен байланышта болгондордун

башынан кандай коркунучтуу нерселер өтөт. Бир жаш медсестра минтет: „Бир жолу спиритизм менен көпкө байланышта болгон жаш жигитти кароого мага туура келди. Кечинде анын жанында туруп, Кудайдын Сөзүн окудум да, түндө анын жанынан кетпедим. Ошол түнү оорулуунун төшөгүнөн чыгып жаткан жалын көрдүм. Анан түтүндүн жытын сезип калдым, анан кандайдыр бир элес жалынды өчүрүп турганын көрдүм. Ошол учурда Кудайга сыйындым. Эртеси эч бир иш кыла албадым, тынччылыкта гана Теңирге кайрылгам“.

Бир адам мага мурда спиритизм жана магнетизм менен иш алып барып, кийин баш тарткан адамдар жөнүндө айтып берди.

## *Магнетизм*

„Бул адам ошондой эле магнетизер да эле. Ал спиритизмге баш койгондон кийин, ушундай болуп отурат. Эгер ал бул ишке баш койсо, жин ага чоң киреше убада кылды. Анын аялы спиритизм ийриминде арбактардын ортомчусу (медиум) болуп калды.

Ага оорулуу киши келгенде, ал эмне кыларын билбей, коңшу бөлмөгө чыгып, аялы экөө жинден кеңеш сурачу. Ал ооруну айтып, аны сакайта алар же албасын айтчу.

Бул адам да магнетизер өзүнүн магнит талаасынын жардамы аркасында бир күндө үч-төрт адамды тейлөөгө жөндөмдүү болгону, акыркылар биринчилерине караганда, аз таасирленет деп айтчу. Анын күчү азайып калчу.

Көп ооруларды кабыл алуу үчүн, ал жиндерден күч алып турушу керек. Ошондуктан ал ар күнү, өзү канча кааласа, ошончо адамды кабыл алчу. Ал эч качан магниттик күчү жетпей калганын сезчү эмес, себеби анын „жетекчиси“ канча керек болсо, ошончо дайыма берчү.

Аялым экөөбүз бул үйгө барып, алар менен бирге Кудайга сыйындык, анын аялы да чындап сыйынды. Ошол күндөн баштап күйөөсүнө адамдар келбей калышты. Анын аялын спириттердин чогулушунда кууп чыгышат. Бул 14 күнгө созулду. Биз бардык мүчөлөрүнө бул көрүнүштүн маңызын түшүндүрүп бериш үчүн, ошол аял бизди спириттердин чогулушуна чакырды. Кудайга шүгүр, бул коомдун бардык мүчөлөрү алиги ишинен баш тартышты. Алардын ийрими тарап, көпчүлүк спириттер биздин рухий чогулуштарыбыздан кутулуунун жолун издеп калышты“.

Көз боочулук жана магнетизм менен иш алып баруу канчалык коркунучтуу экендиги ушул аңгемеден айкын болуп турат.

## *Коркунучтуу эксперименттер*

Кээде ушул маселелер жөнүндөгү лекцияны угуп эле, кара күчтөрдүн бийлигинде калып калууга мүмкүн. Бул туурасында бизге келген каттан окуса болот:

„Өткөн жылы шаарда көз боочулук, арбактар менен сүйлөшүү (гипнотизм, спиритизм) жөнүндө лекциялар окулду; лекциялардын бүтүндөй түрмөгү болду. Мен катышкан биринчи лекция көз боо-

чулук (гипноз) жөнүндө болду. Залдын кире беришинде өзүмдүн маалыматтарымды (визит. карточка) калтырып кирдим. „Экспериментти“ баштап жатып, көз боочу (гипнотизер) элди даярдоо үчүн, өзүнө каратып,эркиңерди мага бергиле деп, анан бир колун экинчи колунун үстүнө коюп, ал эмнени айтарына көңүл коюп отуруусун өтүндү. Бир аз убакыт өткөндөн кийин отургандар колдорун ажырата албай калышты. Сыйкырчы (гипнотизер) эң башкы нерсе – контактка жетишти. Анан экспериментин 7 киши менен улантты. Аларды уктатып коюп, каалаганын, кылыгы жаман нерселерди жасады. Мен көргөнүмө таң калып, үйгө келгенде, аны Кудайга чыныгы ишенген үч эже-карындаштарыма айтып бердим. Бул шайтандын иши дешти алар, бирок мен ишенген жокмун. Көп өтпөй мен уктаганы жатып, бирок көпкө уктай албай жаттым. Бир маалда бөлмөмдүн эшиги жер титирегендей титирей баштады. Коңшу бөлмөдөгү эжеме „Бул эмне?“ – деп кыйкырсам, ал: „Билбейм,“ – деп жооп берди. Эшик улам катуу калдырай баштады. Керебеттен ыргып туруп, жарыкты күйгүздүм. Дагы деле абал жакшырбады. Кыйналып кетип, эжеме кыйкырдым: „Кудайга сыйын!“ Ал сыйынып баштады, бирок абал өзгөргөн жок. Анан ал Библияны ачып, Кудай ага көрсөткөн жеринен окуп берди. Анын окуганынан эч нерсе түшүнгөн жокмун, себеби ал окуп жатканда, кимдир бирөө биздин үйдүн жанында жан алакетке түшүп буркан-шаркандап жатты. Эжем дагы бир жолу Колоссадагыларга жиберилген каттан (2,8) окуп берди: „Карагыла, бурадарлар, ... ыгы жок ой

жүгүртүү сөздөр менен жана көңдөй адаштыруу менен силерди эч ким ээрчитип кетпесин". Муну угуп мени шайтан алдагандыгын дароо түшүндүм. Денемден электр тогу өткөндөй боло түштүм, мен жыгылып шайтан менен күрөшүп жаттым. Ошол убакта эжемдин үнүн уктум: „Ыйса Христостун атынан буйрук берем сага, шайтан, андан кет!" Ошентип, кара күч жок болуп кетти. Кийин эжем жана дагы бир ишенген киши болуп, шайтандын кишенинен бошонууга, Ал жардам берсин деп, Кудайга сыйындык. Кийинки кечте, баарыбыз менин бөлмөмдө отурганда, шайтан чагылган сыяктуу болуп, кайтадан бөлмөмө кирди, мени кармап силкилдете баштады. Менин Кудайга ишенген жолдошум Христостун төгүлгөн Канынын урматына шайтанга дагы бир жолу тыюу салды. Кудай биздин сыйынуубузду укту, мен эми шайтандын бийлигинен эркинмин.

Кудайга ишенген көп кишилер биз бардык жерге катышуубуз керек, баарын көрүп-билишибиз зарыл деп ойлошот. Мындай адамдарга кандай коркунуч келерин жогоруда айтылган аңгемеден билдик. „Шайтанга сөөмөйүңдү сунсаң, ал бүт колуңду тартып алат" деген макал бар. Бул анык болгон иш, бирок шайтан бир эле колго ыраазы болбойт, ал өзүңдү да, жаныңды да каалайт. Ошондуктан ар кандай „даярдыктан", лекциялардан, эксперименттерден сактанышыбыз керек. Тозоктун оту жакында жанарын бил. Шайтандын кишенине түшүп калуу тез эле. Жыйынтыгында ал ар бир адамга оор жүк артып коет.

## *Көз байлоо (гипноз)*

Көз байлоо дегеле күнөөсүз иш эмес экендигин Саксониядан келген кат айгинелейт: „Согуш мезгилинде чоң ачарчылыкка байланыштуу нерв чарчоо оорусуна туш болдум да, кызматымды аткарууга мүмкүн болбогудай абалга чейин начарлап кеттим. Көп врачтарга кайрылып, айткандарын аткардым, бирок абалым жакшырбады. Анан белгилүү невропатологго кайрылууга мага кеңеш беришти. Мен анын дарылоо ыкмасы жөнүндө сураганым жок. Өңү сулууча келген, улгайып калган врач менин кыйналганымды түшүнө турган, өтө акылдуу адамдай сезилди.

Биринчи күнү ал керебетиме жакын келди да, менин көзүмө карачы деди. Анан ал оң колумду көтөрүп, ишендире баштады: „Сиз мени караңыз, сиз магдырап баштайсыз. Колуңузду чекеңизге койгонумда, алсырап жай алып, уктап кетесиз. Ойгоноруңуз менен өзүңүз соо жана күч-кубаттуу сезесиз. Колуңузду кайра койгуңуз келет, бирок анте албайсыз. Сиз катуу уктап жатасыз...“ Бул сөздөргө аябай күлкүм келди, себеби уктаган эмесмин жана өзүмдү жакшы да сезген жокмун, колумду кааласам, ордуна коё алмакмын.

Доктор гипноз колдонгондон бери таңкы төрттө ар күнү кара күчтөр кыйнайт, түндө болсо коркунучтуу түштөр маземди алат. Бир жолу эртең менен ойгонсом, бөлмөдө тынчтык өкүм сүрүп турганы менен, бүт кара күчтөр мага каршы аттангансып, мени коркунуч курчап алды.

Бул абалымды доктор менин оорумдун, анын

гипнозунан кийинки кризиси, бул жакында өтүп кетет деп түшүндүрдү. Анын сөзү боюнча башка оорулуулар мындан жапа чекпейт. Мен бул түшүндүрүүгө канааттанганым жок. Ар бир таңды коркунуч менен тосом, мунун баары эмне, дагы эмне болот деп, көзүмдү ачсын үчүн, Кудайга жалбарып сыйынам. Мен өзүмдү Анын карамагына толук берүүгө убада бердим,болгону Ал мени ар кандай жамандыктан коргосо болду. Ар бир гипноз болордун алдында, Теңир мага боору ооруп койсун деп, жан үрөп сыйынам. Коркунучтуу түш көргөн учурларымда да „Ыйса, мага жардам бер!“ деп кыйкырам, ошондон соң кара күчтөр жок болуп калат. Кудай менин жалбарганымды укту, көп өтпөй эле төмөнкүдөй мазмунда жооп жөнөттү:

„Сен күнөөлөрүңдү моюнга алып, Теңирге кызмат кылгың келет, эми болсо кандайдыр бир адам сени өз тарабына тартып, башкарып алгысы келет. Кудай буга жол бергиси келбейт, ошондуктан гипнозду токтотпосоң, кимдин бийлигинде калып каларыңды коркунуч аркылуу көрсөтүп жатат“. Бул жообу үчүн мен Теңирге ыраазымын. Алсыз абалыма карабастан, менин ишенимдеримен улам гипнозуңуздун салакаларын түшүндүрүп берем деп врачка ачык айттым. Сөзүмдү угуп, ал күлүп койду, себеби ага эмне деп айтарымды түшүнгөн жок. Мында эч кандай жаман нерсе жок деп, ал мени көндүрүүгө аракеттенди. Ал мени алдап жатканды-гын сездим да, дарылоо жайды таштап кетүүнү чечтим“.

Кудай бизге эркиндикти биз билбеген бирөөгө сатып жиберүү үчүн берген эмес, ошол бирөө бий-

лигин кантип жана ким үчүн пайдалана тургандыгын да билбейбиз. Кудайдын балдары өз эрки менен акылын Теңирге ыйгарып, Ага гана ишениши керек.

Спиритизмге байланыштуу жана анын натыйжалары жөнүндө Шарлоттенбургдан келген каттан окуса болот:

„Х. аттуу мырза апасынын кандайдыр бир жаман жини аны нечен жылдан бери алдап жүрөт деген жыйынтыкка келет. Анын үй-бүлөсүнө тийген натыйжалары да коркунучтуу. Аялы белгисиз бир оорудан жапа чегип, эрте өлдү. Анын денесин катуу ооруткан кызыл тактар басып кеткен. Эч ким ага жардам бере албады. Ушундай оору менен спиритизмди изилдеп, кийин ал жөнүндө лекция окуймун деген бир мырза да ооруп калган.

Бир айым да ушундай оорудан кыйналып жүргөндө, мен андан сыйкырчылык кылган жок белеңиз деп сурадым. Чынында эле ушундай болгон деп, мойнуна алды. Тезинен оорулуунун бөлмөсүндөгү ушундай мазмундагы бардык китептерди издеп таап, өрттөдүм. Колду башына коюп сыйынуудан кийин, оорулуу кудум тирилгендей болду, жеңилдеп, экинчи күнү сакайып, төшөктөн туруп кетти“.

Спириттер Кудайдын Сөзүн уга алышпайт, уктап калышат, же чогулушта отурганда, улам-улам эстеп, тоскоол беришет. Жинденгендерде жин-шайтандар түрдүүчө кыйкырып, дененин мүчөлөрүн калтыратып тарткылоо менен өздөрүн көрсөтүшөт. Бир жолу бойго жеткен кыз калтырак басып, бир нече саатка сүйлөй албай калды.

Кээ бир төлгөчүлөр бар, арбактар менен сүйлөшүп жатып, бардык суроолорго жооп бере алышат. Берлинде жашаган бир төлгөчү аял эшигине ар кайсы арбактарды чакыргандыгы үчүн, акысын алуу тизмеси жазылган тактай илип койгон. Кудайдын балдары мындай адамдар менен мамиледе болгондон кийин, жинди чалыш болуп калышат. Бул муздак көз караштар – Кудайга ишенгендерге түкүрүү же аларды уруп коюу.

Айтылган бул баяндардын бардыгы ким спиритизм менен иш алып барса, анын натыйжалары канчалык жаман болорун айгинелеп, баса белгилеп турат.

Шайтан жарыктын периштесинин кийимин да кийине ала тургандыгын төмөнкү кат айгинелейт. Катта оккультисттердин чогулуштары жөнүндө айтылат. Чогулуштарда Апостол Павел, Лютер жана башкалар болгон имиш. Алар ар кандай түшүндүрмө беришет. Эң коркунучтуусу – чогулуштарда алар биз бирөө менен гана, Ыйса менен мамиледебиз деп ойлошкону. Муну кантип түшүнсө болот? Алар бул Кудайдан деген ишенимде. Анда кандай болуп калат? Себеби өлгөндөр менен сүйлөшүүнү Кудай тыюу салат го. Чынында кайсы арбак келерин эч ким билбейт. „...Бардык сыйынуулар болуп, ыр ырдалганы менен бир нече саат бою бир да арбак чакырылган жок. Эмне болорун баары күтүшү керек. Катышып отургандардын баары „ишенгендер“ болушу керек, күмөн санагандарды кирбей эле коюусун өтүнөт. Арбак чакыруучу (медиум) – 70 тердеги аял. Күнүмдүк турмушта ал жөнөкөй сүйлөгөн кадимки эле аял. Ага арбак

айтып берчү татаал сүйлөмдү ал кантип жазып салат деп, дайыма таң калам. Мисал келтирейин: „Силердин Куткаруучуңар жана күнөөңөрдү Кечирүүчү Кудайдын урматына силерге бир тууганыңар Павелдин арбагы келет. Угуп жатасыңарбы? Бул жерде ушулар туурасында туура эмес түшүнгөн жандар бар. Ошол туура эмес көз карашыңар менен ыкшоо жана көңүлсүз болуп калбагыла, сак болгула. Урматтуу жандар, Ыйсанын Атасына жакын болгула, болбосо коркунучка кабыласыңар. Анткени, урматтуу жандар, бак – таалай күнү бизге жаркырап турганда, силер каалагандын баары кабыл болуп, силер ак көңүл, ыраазысыңар, Ыйса Христосто экениңерге кубанычтасыңар; бирок бүт үмүт-тилегиңер кыйрап, кыйынчылыкта жолдошуң жардамга келбей койгондо, силер шек санай баштайсыңар, бир нерседен корко баштайсыңар. Ошондуктан менин сүйүктүүлөрүм, айлана-тегерегиңерди кээде кара булуттар каптаса, силер Ыйсанын Атасында күчтүү болушуңар керек да, күнгө карай чечкиндүү жөнөшүңөр керек. Кудай колдосун! Көрүшкөнчө!“

Апостол Павел ушинтип сүйлөмөк беле? Ким библияча бир аз ой жүгүртө алса эле, бул жерде одоно түрдө алдоо болуп жатканын түшүнөт. Эмне үчүн шайтан өзүн жарыктыктын периштесимин дейт да, Апостол Павелдин атынан сүйлөйт? Эң эле жөнөкөй! Тирүү Кудайды бериле издеп жүргөн жандар ушундай жол менен христиандык туура жолдон жана Кудайдын Сөзүн жөнөкөй жана туура окуу жолунан чыгышат. Оккультисттер 15 жылдан бери чогулуп жүрүшөт. Эгерде алар туура

жолдо болуп, өмүрлөрүн Теңирге кызмат кылууга жумшаса, бул мезгилде канча жакшы иш жасаган болор эле. Шайтандын азгырыгы менен алар чындыктан четтеп кетишти.

## *Теософия*

Шайтан оккультисттер сыяктуу эле, лорберяндар деп аталгандарды да жолдон адаштырып жүрөт. Алар периштелердин үндөрүн угат имиш, өздөрүнүн атасы Лорбердин китептерин, „Инжилдин курулай дептерлерине“ салыштырганда жогору коёт.

Ишенген бир адам жазат: „Теңирге туура жашайм деп, акылында убада берген адамдарды да шайтан таап алат. Андайларга шайтан өзү ойлоп тапкан теософия окуусун сунуш этет. Андан да ашып түшүп, шайтан алардын оор жана кайратман күрөшү үчүн, табияттан сырт болгон бактылуу учурларды тартуулайт. Эркиндик жана бошонуу – ар бир теософтун олуттуу максаты. Жашыруун баян (Акылмандыктын китеби) жана айрыкча „Жаңы Салимдин“ эмгектери (Лобердин эмгектери) адамдарды Инжилге карата сокур кылып коет.

Менин башыман да ушундай өттү. Арбак чакыруучулардын окуусу менен таанышууга мага туура келди. Китептердин (Оккультизмдин) жардамы менен көрөгөчтөр, түш жоруучулар, спириттер менен байланыш түздүм. Алгач шайтан өз колум менен ар кандай кулактандырууларды жазууга, башкача айтканда, мен колумду берип, ал бүт

денемди тартып кетүүгө түрттү. Спириттер үчүн арбак чакыруучу бол деп, мени шайтан бал тилине салды. Тилим гана эмес, жиндер бүт денемди ээлеп алышты. 1920 – жылы жиндиканага жатканга чейин жеттим. Спиритизмден өзүм бошонууга күчүм жетпеди, бир да оккультист жардам бере албай калды. Эң коркунучтуу нерсеге жеттим: жүрөгүмө шайтан орноп калганын ачык сездим. Шайтанга окшоп, жакындарымды шылдыңдап, Ыйсага да сөз тийгиздим. Тозоктуу кыйналуу башталды. Жин-перилер мени кыйнаганын күчөтө беришти. Ушундай кыйналууларда өз денеме жаракат салдым... Жиндиканадан мени чыгарышты, ошондон кийин ден соолугум толук бузулуп, алсыз болуп калдым. Асман мен үчүн толук жабык. Шайтан „акылдуу“ кеңеш берди: жаныңды кый. Мен өлүүдөн корктум, себеби ар күнкү кыйналганыма карабай, жашагым келчү.

Кудайга шүгүр, сактайм дегенине Анын колу али жетет. Ал мага башкача жашоонун өрнөгүн көрсөттү. Мен ишенгендердин коомуна туш болдум, Теңирдин көңүл көтөргөн кептерин уктум. Бирок Кудай менин мурдагы иштеримди билет деп эстегенимде, кандайдыр бир чоң коркуунуч баскан. Ушуга карабастан, Ыйсанын, Такыбаанын аты жүрөгүмдө улам терең орун ала берди. Акыры ишенип калдым. Айтып бере алгыс, чексиз кубаныч! Бирөөгө – Ыйсага гана кызмат кылгым келди! Эми мен ишеничтүү түрдө: Ал тирүү! – деп айта алам. Көп өтпөй, Кудайдын Руху менин жардамымсыз эле денемди сакайтып, бардык жин-шайтандарды кууп чыкты. Христостун Каны менен

Анын Руху мени шайтандар менен күрөштөн бошотту, аларга каршы мен узак мезгил натыйжасыз күрөшүп келген элем. Алсыз болуп калган денем бир нече жумада чыңдалды, кубатсыздыгым кетип, сакайдым. Оккультисттер, теософтор, спириттер, көзү ачыктар, магнитопаттар, көз боочулар, айтор, Христостон куткарууну издебегендер жөнүндө ойлосом, жүрөгүм жарылат. Аларды кандай тагдыр күтүүдө!

Ал турмак, азыр да шайтан мени азгырып, кара күчтөр маал-маал кол салып, уруп койгулары келишет, бирок алар алсыз, себеби мен Христостун Канында сакталгам!“

## *Спиритуализм*

Тюрингиядан келген катта жазылат: „Өзүмдүн өнөрчүлүгүмдүн аркасы менен ишенген бир үйбүлө менен таанышкан учурумда, мен али ишенбеген киши элем. Алар Кудайга сыйынышчу, чогулуштарга барып, бейпил турмушта жашашчу, чын боорукер кишилер эле. Бул адамдар спириттер эле. Спиритизм мен үчүн бөтөн болучу, бирок анда кандайдыр бир касиеттүү, жакшы нерсе бар деп ишенчүмүн. Ал адамдар кээде мени өздөрү менен ала кетишчү, ошентип, болжол менен бир жылча, б.а. Кудайга ишенген бир карындаш ал күнөө дегенге чейин, спиритизмдин кишенинде жүрдүм. Анан төрт жумага созулган оор күрөш башталып, Кудайга шүгүр, Ал мени бошотуп алды. Төрт жума бою бардык нерсени эки түрдүүчө көрүп жана угуп турдум, ошентип менин айланамда эмне болуп

жатканы мага айкын болду. Кечинде чогулуштардан кийин, мени коркунуч басчу, караңгы бурчтардан таң калыштуу күйүп турган нерселерди көрөм. Чыныгы жарык жолду көрсөт деп, Кудайга сыйынам. Христостун Жыйынынын мүчөлүгүнө өттүм, эми болсо боорукерлиги жана мени аягандыгы үчүн Кудайга ыраазымын“.

Спиритуализмдин кадимки спиритизмден айырмасы – мында эксперимент өткөрүшпөйт. Мындай чогулуштар диний ырлар жана сыйынуулар, Библияны окуу жана окулган жерлерди түшүндүрүү менен башталат. Ортодогу дем алышта тынчтык орной түшкөндө, арбак чакыруучулар турат да, чогулушта окулгандар жөнүндө 10-30 мүнөт айтып беришет. Адатта алар минтип айтышат: „Силерге тынчтык, мен сүйгөн Кудайдын балдары. Силерге айтайын дегеним, менин Асмандагы Атамдын Сөзү“. Арбак чакыруучулар адатта, Кудайдын периштелери, Байыркы Осуяттын пайгамбарлары, Мартин Лютер ж.б. болуп чыгышат. Мындай чогулуштарда 6 арбак чакыруучу катышып отурат, алар өздөрүн „Чыныгы жолдун нугу“ же „Эммаустун нугу“ деп аташат. Бул алтоонун үчөөсү – арбак чакыруучу чечендер, үчөө – көрөгөчтөрү. Алар ал жердегилерге азыр чогулушта эмне болуп жаткандыгын айтып беришет, мисалы: арбак чакыргычтын азыркы арбагы аны таштап кетет да, стулдун аркасында турган башка арбак ага кирип, анан ал аркылуу аракет кыла баштайт.

Спириттердин айрым чогулуштары болот, аларга белгилүү гана айрым адамдар катышат. Ошол адамдардын сөзүнө караганда, аларга Ыйса Өзү

келет имиш. Ошондо баары тизелеп жыгылат жана бата же жаңы ат алуу үчүн, элеске ошентип жакындашат.

Спиритуализм – нукура диний окуу деп ишендиришет. Он эки Апостолдордун атын алып жүргөн туугандарды Ыйса Христос Өзү окутат имиш. Арбак чакыруучулар да белгилүү библиялык ысымдарды алып жүрүшөт. Ыйса Христос бир туугандарды үч жыл окутушу керек, ошондон кийин алар жетилген болуп калышат. Калган нерсенин бардыгы чечкиндүү түрдө жерилет жана толук кандуу деп эсептелбейт, себеби алар бардык нерсени арбак чакыруучулар аркылуу алардын окутуучусунан алышты. Мунун баарын Кудай адамзатты жер үстүндө экенинде агартуу жана оңдоо үчүн жол берүүдө деп айтылат. Арбак чакыруучуларга билимдүүлөр жана таза, эң жогорку рухий жандыктар гана келет имиш. Спиритуалисттердин милдетине ошондой эле өлгөндөрдүн арбактарын, арбак чакыруучулар аркылуу сүйлөгөндөрдү Кудайга кайрылтуу да кирет. Бир жолу арбак чакыруучу аркылуу мындан 200 жыл мурда өлгөн жана өз убагында касиеттүү жайларда эмне болсо, уурдаган адамдын арбагы сүйлөгөн учур болгон. Дагы бирөө өз убагында адам өлтүргөн ж.б. у.с. „Бир туугандарга“ ушуларды арбактар менен бирге сыйынтуу аркылуу Кудайга кайтаруу тапшырылган. Кудай жөнүндө уккусу келбеген да арбактар бар. Чогулуштарга баягы эле арбактар келишет, эми жарыктын жолу менен жүрөбүз деп айтышат. Бул арбактар башка арбактарды да чакырышат. Бир жолу ошончолук ачуулуу жин келип, ал ошончулук күч

көрсөткөн, арбак чакыруучу 4 „бир туугандын“ алы бул жинденген арбак чакыруучу „бир тууганга“ араң жетти. Анан ал 15 мүнөт кыймылсыз жатты. Бардык „бир туугандар“ жана катышып отургандар жан кайрадан денеге келишин тилеп, сыйынышты. Жин арбак чакыргыч „бир тууганды“ бошотору менен, ал эч нерсе болбогонсуп, туруп кетти.

Келип жаткан жиндерди „бир туугандар“ төмөнкүчө тосушат: „Күнөөлөрүң кечирилиши мүмкүн, алар кан сымал кызыл болгону менен, аларды кардан ак кылып жууп койсо болот“ ж.б.у.с. Арбактар көптөгөн ар түрдүү сырларды ачышат.

Бир жолу бир айым мени ушундай чогулушка чакырды. Ал өзү магниттик күчтүн жардамы менен, врач эч нерсе кыла албаган, көпчүлүк оорулууларды айыктырган. Ал эч нерсе албай сакайтчу, адамдар ага күргүштөп келишчү. Ал жерден бир ишенген аялды көрдүм, мындайдын эч жамандыгы жок деп, ал да дарыланганы келиптир. Бул жерде бардыгы Ыйса Христостун урматына жана сыйынуу менен болот дейт ал.

Нуктун урааны мындай: „Кудайды, сенин Теңириңди жана сенин жакыныңды өзүңдү өзүң сүйгөндөй сүй“.

Спиритуализм алыска таралып баштагандыгы мына мындан көрүнөт: чогулуштарда айтылгандардын бардыгы стенографиялык жазылып, кийин лекциялар көбөйтүлүп таратылат.

Көрүнүп тургандай, шайтан бардык жолдор менен адамдарды алдагысы келет. Бул күнөө экендигинен адамдар шек санабасын үчүн, ал Библиядан сөздөрдү, сыйынууларды, Кудай Атанын, Уулу-

нун жана Ыйык Рухтун аттарын жан-дили менен пайдаланат. Бул эч нерсени өзгөртпөйт. Баары бир ушул күнөө аркылуу адам шайтандын кишенине чырмалат. Теңирим, шайтандын курмандыктарына боорукер боло көр жана коркунучтуу бул кишенден аларды Өзүң бошот!

## *Астрология*

Мен силерди астрология жөнүндө, б.а. жылдыздарды изилдөө жөнүндө айтылган кат менен тааныштыргым келет:

„Сегиз күн мурда мен Берлинге бир астрологго келечегимди айтып бериңиз деп, кат жаздым. Көп өтпөй жооп алдым. Ал киши минтип жазат: өмүрүңдүн биринчи жарымы бактысыз болот, бирок экинчи жарымында ири ийгилик жана чоң бакыт күтөт, ал эми картайып калганда, эң бактылуу адамдардын бири болосуң. Ал мага өмүрүмдөн ажырап кала турган эки учурду айтып берди. Эми күнү-түнү менде тынчтык жок. Аны издейм, бирок таба албайм. Библияны окуйм, бирок эч нерсе түшүнбөйм“.

Бул тынчсыздануу менен коркунуч астрологдордон бир нерсе суроого болбойт жана ал аябай күнөөлүү экендигинин далили эмес бекен?

Дагы бир катты окуйлу: „Бизде да көп адамдар спиритизм менен байланышта болушат. Бул жерде ушундай 20 га жакын ийримдер бар, ал турмак, кичинекей балдар ушундай ийримдерди уюштурушат. Бул иш канчалык коркунучтуу натыйжаларды алып келерин көрсөтүп берген Кудайга ыраазы-

быз. Жакында бизде жаш жубайлар мейманда болду. Алар да бир убакта шайтандын бийлигине туш болушканын айтып беришти. Бечара аялды шайтан ушунчалык абалга жеткиргендиктен, аны акылы кемдердин үйүнө жөнөткөнү калышкан. Ошондо чын дилден ишенген бир нече адам ал үчүн сыйынышат, анан узакка созулган ички күрөштөн кийин, ал шайтан менен байланышын үздү. Аңгемесин айтып бүткөндө, анын көздөрү кубангандан жайнап турду. Азыр болсо, шайтан мага ар кандай азгырык ойлорун жиберсе, тез эле Куткаруучунун атын чакырам, ошентип, баары өтүп кетет“.

Христостун аты оккультизмдин бечара курмандыктарын айыктырып жана сактап жатканына Кудайга шүгүр. Асман астында бизди куткарыш үчүн, адамдарга берилген башка эч бир ысым жок.

# ШАЙТАНДЫН КИШЕНИНЕН КАНТИП БОШОНУП КЕТСЕ БОЛОТ?

Бул китептин соңунда кайрылып жаткан эң маанилүү суроо.

## *Күнөөнү моюнга алуу*

Биринчиден, сыйкырчылык, төлгө ачуу, эмчи-домчулук ж.б. күнөөлөр биз үчүн асманды бөгөп, бизди түбөлүк кыйноого алып барчу күнөөлөр экендигин моюнга алышыбыз керек. Бул маселе туурасында Библияда айтыларын дагы бир жолу эскертем. Мусанын үчүнчү китебинде (19,31) айтылат:

– „Арбактарды чакырып, маркумдарды жайынан козгогондорго көңүл бурбагыла, көз боочу сыйкырчыларга барбагыла да өзүңөрдү маскаралап, акмак болбогула. Мен Жараткан Теңириңер, силердин Кудайыңармын“.

Тактык жана кошумча үчүн төмөнкүлөрдү окугула: 3 Мус. 20,6-27; 2 Мус. 22,18; 5 Мус. 18,9-13; Аян китеби 21,8; 22,15.

Библиядагы бул үзүндүлөрдө Кудай алдындагы өтө жаман күнөө жөнүндө сөз болот. Мындайлардын жазасы: таш бараңга алуу, элден жок кылуу жана Жаңы Иерусалимге (Кудай Падышачылыгы) киргизбөө.

Ошондуктан дагы бир жолу баса белгилейм: ириде муну күнөө, болгондо да чоң күнөө деп таануу керек. Бирок көбү мындай кылбайт. Бул жөн

гана тамаша деп эсептешет алар. Алар менен сүйлөшө баштасаң, күлүшөт да: „Кеңкелестик, бул жерде сыйкырчылыктын кандай тиешеси бар?“ дешет. Айрымдар бул кеңкелестиктен жасалды, мындай оор кесепет болуп кетерин билген жокпуз дешет. Дагы бирөөлөр болсо, бул эч күнөөсүз, зыянсыз иш дешет. Натыйжасы ушундай болот деп ким ойлоптур! Муну мага ишенген бир адам кеңеш берди...Мындай иш менен өлгөн апам да байланышта болчу... Мунун эч кандай жаман жагы болбошу керек...

Ал турмак: „Сыйкырчылык күнөө деп айтканыңар үчүн тобо келтирип, айыбыңарды моюнга алышыңар керек. Биз муну Ыйса Христостун Апостолдорунан кабыл алдык, бул деген сакаюунун библиялык каражаты“ деп айтууга чейин батынып барышат.

Ким мунун баарын зыянсыз, көңүлгө албай турган тамаша же ал турмак, сакаюунун библиялык каражаты деп эсептесе, ал эртеби-кечпи бул кылганы үчүн жана бул күнөө эмес деп эсептегендиги үчүн катуу өкүнөт. Бирок мен белгилеп кетким келет, бул күнөөлөрүн моюндарына алып, тобо келтирбей, Кудайга кайрылбагандар шайтандын кишенинде түбөлүккө калат.

Төлгө ачуу, сыйкырчылык кылуу коркунучтуу күнөө, ал күнөөлөрүн моюндарына албаса, бейишке жол жок экендигин Кудайдын Сөзү аркылуу далилдөөгө аракет кылдым. Көзү ачыктарга кайрылсак, келечегибизди төлгө ачтыруу аркылуу билгибиз келсе, ооруган жерди кол менен сылоо, тумар тагынуу ж.б.у.с. сыйкырлуу формулалар жа-

на каражаттарды пайдалансак да күнөө болот. Чөйчөк айлантуу, өлгөндөр менен сүйлөшүү жана арбактарды чакыруу аркылуу да тиги дүйнө жөнүндө билгибиз келгени да күнөө.

Кимде ким сыйкырчылык күнөө экендигин моюнга алгысы келсе, ал бул ишке барбайт, 13 деген сандан жана үкүнүн үнүнөн коркпойт, табылган така бакыттын белгиси деп эсептебейт ж.б.у.с.

Бул иштер силер ойлогондой, анчалык деле күнөөсүздөй эмес. Биздин бактыбыз менен ийгилигибиз такадан эмес, Кудайдан. Эгерде биз бакытты такадан күтсөк, анда Кудайга, Анын биз жөнүндө Аталык камкордугуна толук ишенгенибиз кайсы?

Ырым-жырымчылык жоголсун! Бактысыз сандардан коркконду токтотолу! Жаныбарлардын үнүнөн жана булут сүрөттөрдөн сестенгенибизди токтотолу! Жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат!

Ырас, Кудайга ишенгендердин арасында ырым-жырымга ишенгендер али көп. Алар бул тууралуу көп кеп кылышпайт. Ал турмак, алар ар кандай ырым-жырымдарды түшүндүрүп беришпейт. Ошондой болсо да, ырым-жырымчылык чыныгы ишенүүнүн душманы бойдон калат.

Ошондуктан дагы бир жолу айтам: биринчи кезекте, эң зарыл аткара турган нерсе – бул олуттуу, оор күнөө жөнүндө сөз болуп жаткандыгын моюнга алуу.

## *Өкүнүү*

Экинчи кадам – бул күнөөң үчүн өкүнүү. Өкүнүү деген эмне? Бул өз ойлоруңду толук өзгөртүү. Мунун баары жөн эле тамаша, болгондо да күнөөсүз тамаша деп ойлогонго акың жок болуп калат; бирок сен Кудайды ушинтип капа кылганың жана Анын ыйык Атын барк албаганың үчүн кечирим сурашың керек.

Ыйса Христостун, Кудайдын Уулунун Каны бизди ар кандай күнөөдөн жууп тургандыгы үчүн Теңирге ыраазычылык. Эгерде биз чын дилден өкүнсөк, Анын Каны бизди сыйкырчылыктын күнөөлөрүнөн жууп коюуга кудуреттүү.

Сен минтип айтышың мүмкүн: „Көзү ачыктарга мен өзүм кайрылган жокмун да. Муну мен бала кезимде кимдир бирөө жасаптыр. Мени эмне кылып жатышкандыгын билген эмесмин, каалаган да эмесмин“.

Мүмкүн. Бирок бул сенин болбосо да, сенин ата-энеңдин күнөөсү. Ал эми чындык ушундай эмеспи, баары сенин эркиңден тышкары болгону менен, сен шайтандын бийлигиндесиң. Шайтан – коркунучтуу душман. Анын бийлигине сен өз же өзгөнүн эрки мененби, билиппи же билбей түштүңбү ... ага баары бир. Болгону, сыйкырчылык күнөөсү аркылуу торуна түшкөндөрдү ал шылдыңдай берет.

Адамдар шайтандын кишенине байланганын, өмүрүн өзү кыюу жана абдан ыплас коркунучтуу ойлор менен кыйналгандарын көргөндө, жүрөгүң канча жолу зыркырап сыздайт. Мунун баары кимдир бирөө качандыр бир кезде көзү ачыктарга

кайрыл деп кеңеш бергендигинен же бала кезинде эле бул күнөөгө тартылганынан улам болуп отурат. Биздин душманыбыз азезил – таш боор, ал боор ооруу жана боорукерлик дегенди билбейт.

Ал бир гана нерседен – Ыйса Христостун Канынан коркот! Ыйса Христостун Каны – бул кечирүүнүн жана күнөөнү жууштун белгиси. Ким Ыйса Христостун Канын чакырса, ал ар кандай кыйналуулардан көңүлү тынч.

Ошондуктан куткарууну курман болгон Ыйсанын Канынан изде жана Анын баалуу Каны менен сени тазартып, күнөөңдү жууштy Теңирден тиле.

## *Ишеним жана сыйынуу*

Бирок Ыйык Кан менен тазартып кой деп өтүнгөнүбүз аздык кылат, Христостун Каны чынында эле бизди ар кандай күнөөдөн жууп-тазартат деп ишенишибиз керек. Ефесалыктарга жиберилген катта (1,7) жазылган Кудайдын Сөзүнө ишенүү керек: „Христосто, Анын Каны аркылуу биз куткарылабыз, Анын ырайымынын молдугу менен күнөөлөрүбүз кечирилди“. Бизде Голгофадагы айкашкан жыгачы аркылуу Ыйса байыркы жыландын башын тебелеп жана шайтандын күч-кубатын кетирди деген ишеним сыйынуусу болушу керек.

Библияда 36 миң убада бар. Бирок көп кишилер үчүн бул убадалардын эч кандай күчү жок. Эмне үчүн? Эгерде шайтан кайсы бир жанга: „Мунун сага тиешеси жок, баары бир өлөсүң“ деп айтса, ал байкуш бечаралар Кудайдын убадасына караганда, шайтанга көбүрөөк ишенишет. Ошондуктан убада-

лар алар үчүн эч нерсе алып келбейт. Шайтанга ишенип, эмне кылып жатканыңарды ойлонгула. Мындай иш кылып, силер Ыйсаны жалганчы кылдыңар. Ал ушуга татыктуу беле? Ал минтип айткан жок беле: „Мен Жол, Чындык жана Өмүрмүн“? Кудайдын бүт убадалары „ооба“ жана „оомийин“ дегени жалганбы? Себеби шайтан башынан эле жалганчы жана жалгандын атасы. Ал көп жандарды алдайт. Муну сен байкаган жоксуңбу? Күнөөгө батар алдында, шайтан убаданы мол берет, анан ага көнгөндөн кийин эле биринчи күнөөдөн соң, адамды шылдыңдап: „Сенин күнөөң аябай чоң, эми сен кечирим алууга акың жок дейт. Бул үрөй учуруучу алдамчылык. А сен ошол алдамчыга ишенгиң келеби? Демек, анын аты сен үчүн биздин Теңирдин Атынан жогору турабы? Ыйса айтат: „Ким Мага келсе, аны Мен тышка кууп жибербеймин.“ Христос айткан: „Мен аларга түбөлүк өмүрдү беремин, жана алар түбөлүк өлбөйт, жана Менин колумдан аларды эч ким тартып албайт“.

Сен кимге ишенгиң келет? Шайтангабы же өзүңдүн Куткаруучуңабы? Шайтанды уксаң, сен өзүңдүн Куткаруучуңду жалганчы кылып коёруңду билип кой. Кантип эле сен ушуга барасың?

Сен чындыкка ишенесиң, Ыйсанын „Аткарылды!“ дегенине ишенесиң. Апостол Павелдин күбөлөндүргөнүнө, Анын (Ыйсанын) Каны аркылуу куткаруубуз бар, Анын ырайымынын молдугу менен күнөөлөрүбүз кечирилерине ишенебиз.

Ооба, өзүңдүн Куткаруучуңа ишен! Ал сени алдабайт. Ал чындыкты гана айтат. Ага ишене бер! Биздин Теңирибиздин ысмы түбөлүктүү!

Мындан ары шайтан менен байланышпа. Анын сөзүнө кулак салба. Жакып кабарчы айтат: „Кудайга моюн сунуп, шайтанга каршы тургула, ошондо шайтан силерден качып кетет“. Шайтан сени азгырганы келгенде, ачык эле жооп бер: „Жазылып турат“... Теңирдин атын чакыр, ошондо шайтан аргасыз кетет.

Ошентип, сени алдап жүргөн шайтанга ишенбе. Куткаруучуңа ишен, анткени Ал Чындык жана чындыкты гана айтат.

## *Сыйынуунун жардамы*

Бирок дагы бир кайгылуу нерсе бар: күнөөлөрүбүз кечирилди деп, биз ишенип жүргөндүрбүз, бирок „Мен“ деген нерсе бизди эски күнөөгө тартат. Эски таасирдүү байланыштар кайрадан жаңырат.

## *Мындай учурда эмне кылуу керек?*

Жакып кабарчы бизге кеңеш берет: „Бириңерге бириңер кетирген күнөөңөр жөнүндө ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла“. Шайтандын кишенинен ким өзү бошоно албаса, жасаган иштерин Христостогу бир тууганына айтып, аны менен бирге сыйынсын.

Жалпы сыйынуу өзгөчө убада ыйгарымга ээ. „Эгер силерден экөө жерде ар иш жөнүндө өтүнүүгө келишсе, ошондо, эмнени сураса да, Менин Асмандагы Атамдан аларга болот. Анткени Менин ысмым урматына экөө же үчөө жыйылган жерде, Мен да алардын ортосундамын“ (Мф. 18,19-20).

Мына ушундай жалпы сыйынууга аракет кылгыла. Мүмкүн болушунча муну тез-тез жасагыла. Мындай жалпы сыйынуу убактылуу гана жардам берип, андан соң кайрадан душмандын бийлиги адамдын үстүнөн бийлеген учуру болот. Анда сыйынууну кайталоо зарыл. Бул катуу оору менен ооруганга окшош. Дарыны бир эле жолу ичүү жетишсиз. Оору сакаймайынча дарылоону бир нече жолу кайталоо керек.

## *Орозо*

Ыйса Христос айткан: „Буга окшогон жиндер болсо, жалаң гана сыйынуу жана орозо кармоо менен кууп жиберилет“. Мунун мааниси: дүйнөдөн обочолонуп, узак сыйынуу аркылуу гана, бейпилдикте күч-кубатты жогору жактан алуу. Көптөгөн адамдар Кудайдын боорукерлиги менен чын дилден чыккан христиандык мамилелешүүнүн натыйжасында шайтандын кишенинен бошонушкан. Мүмкүнчүлүгүңөр боло калса эле Кудайдын Сөзү кудуреттүү таасир берчү жерде болгула.

## *Колдорду үстүнө коюу менен сыйынуу*

Колдорду башынын үстүнө коюп сыйынууну аябай баалайм. Шайтан-душман менен байланышты үзүүдө бул эң жакшы каражат экенине эбак эле ишенгем.

## *Ыраазычылык*

Айрым учурларда шайтандын кишени Кудайга жалаа жапкан ойлор адамдын мазесин алгандыгы менен да көрүнөт. Мындан кантип арылса болот? Бул жөнүндө мындай кеңеш бергим келет. Жүрөгүңдөн чыкпаган жалаа жапкан ойлор сени кыйнап баштаганда эле, ошол замат башка нерсе жөнүндө ойлон. Голгофадагы айкаш жыгачы, ал жердеги болгон куткаруу жөнүндө ойло. Куткаргандыгы үчүн Кудайга ыраазылык келтир. Жазылган: „Ким Мени даңазаласа, ал Мени эскергени, ошол курмандыгы, ким өз жолун байкаса, әны Кудай куткарәт, Мен әгә колдоо жөнөтөм“. Заб. 49,23.

Жазуулар бизди дайыма ыразычылык кылууга чакырат. Кудай Атабызга дайыма бардыгы үчүн шүгүрчүлүк келтиргиле деп, Павел Ефесалыктарды үйрөтөт.

Куткаргандыгы үчүн ыраазылык айтуу менен биз жаман ойлорго бөгөт түзөбүз деп ишенем. Биз ыраазылык жана алкоо айтып жатканда, душман күчүн жоготот. Кайсы гана учурда болбосун, Кудайга шүгүрчүлүк айтууну үйрөнөлү. Бизди айкаш жыгачтын жанынан көрүп, шайтан качат.

## *Ыйсанын ысмын чакыруу*

Эгерде Кудайга жалаа жапкан ойлор кокусунан, сен сыйынууга мүмкүн болбогон жагдайда келсе, Ыйсанын ысмын чакыр. Бул эң кыска жана таасирдүү сыйынуу. Жазылган: „Теңирдин ысмы –

ишенимдүү чеп“. Ыйсанын ысмын жүрөгүңдүн түпкүрүнөн чакырар менен эле душман чабуул кое албай турган ишенимдүү чепте калкаландың. Сыйына албасаң, Ыйсанын ысмын чакыр, ошондо көрөсүң, душман сенден чегинет. Ага ушинтип канчалык тез-тез каршылык көрсөтсөң, анын таасири ошончолук кемийт.

### *Кудайга жалаа жапкан ойлорду айтпоо*

Сен бир нерсени унутпашың керек – Кудай баарын билет. Жалаа жапкан ойлор сенин жүрөгүңдөн чыкпаганын, алар сенин дүйнөңө коошпой тургандыгын Ал билет. Анын жоопкерчилиги сенде эмес экенин да Ал билет. Болгону сен аны үн чыгарып айтпа. Эч качан. Айрым адамдар, аларды жалаа жапкан ойлор кыйнап, бирок алар сактанып, аларды жазып калышпагандыгын айтып беришкен. Бирөөлөр болсо байкабастык кылышып, бул жаман ойлорду жазып алышкан. Мен болсо ошол эле жерде, бул ойлор эсимде сакталып калбасын деп, Ыйсанын Канына кайрылдым. Кагазга жазылган жана үн чыгарып айтылган ойлор күч-кубатка ээ болуп калат. Кудайга жалаа жапкан ойлорду үн чыгара айтуудан сактангыла!

### *Сыйкырчылыктын буюмдары менен китептерин жок кылуу*

Буга байланыштуу дагы бир кеңеш берейин: сыйкырчылктын бардык каражаттарын жана бул темага байланыштуу китептерди отко ыргыткыла!

Павелдин мезгилинде Ефесте эл ойгонгондо (Кудайга ишене баштаганда), „ишенип калгандардын көптөрү келишти да, кылган иштерин ачып, ыстыкпар айтышты. Сыйкырчылык кылгандардын бир далайы китептерин жыйнап, бардыгынын алдында өрттөп жиберишти...“ (Ап.ишт. 19,18-19).

Эгерде үйүңдө ушуга окшогон бир нерсе болсо – баарын отко ыргыт! Мусанын 6,7 – китептери бар болсо, аларды отко жагып жибер. Же балким „Асман каты“ деген нерсе бардыр? Аны да отко жак! Тумар, тилсимдерди (талисман) да сактабай, өрттө. Түш жоруу китептерин да отко жак. Үйгө кире бериште така илинип турса, андан кутул. Картаң же арбактар жаза турган тактайың бар болсо, мешке ыргыт. Үйүңдө гороскопту да калтырба. Сыйкырчылыкка байланыштуунун баарын жок кылышың керек. Сени душман менен байланыштырып турган акыркы жип үзүлүшү керек.

## *Библияны дайыма окуу*

Шайтан менен байланышыңды үзүп, сен Кудай менен байланышыңды бекемдешиң керек. Теңир сенин турмушуңа кириши керек, бул үчүн сен биринчи кезекте, Библияны ар күнү окуп турушуң керек.

Буга карата мага берер жообуңду билип турам: „Библия мага түшүнүксүз, мен үчүн ал жабык китеп. Мен аны окуганда, жан дүйнөмдө күрөш башталат, башыма Кудайга жалаа жапкан ойлор келет. Ушундай ойлор менен кыжаалат болбоюн деп, Библияны окугум да келбейт“.

Душмандын ою эмнеде экендигин көрдүңбү? Ал сени Библиядан алагды кылгысы келет, себеби ал биздин жаныбыздын азыгы эмеспи. Ким Библияны ар күнү окуп турса, ал күнөөлөргө каршы күрөшүү күч-кубатына ээ болуп турат. Шайтан бизди Библияны окуу үчүн убакыт жетишпейт деп алагды кылгысы келет. Душмандын мындай айла-амалына жакшы иштелип чыккан эрежелерди каршы коюу керек.

Бир күндө үч жолу тизе бүгүп сыйынган Даниилден үлгү алалы. Муну ал эреже кылып алган. Бул иши үчүн аны күнөөлөшкөндүгүнө көңүл да буруп койгон эмес. Сыйынуу адаты анын коргоочусу сыяктуу болуп калган. Библияны окуу үчүн, душман бизге тоскоол келтирбес үчүн, ал биз үчүн арка-жөлөк болуп саналат.

Библияны белгилүү бир мезгилде, эң жакшысы таң, эртеде окууну эреже кылып алганыбыз оң. Кудайдын Сөзүн түшүнөйүн да, Аны турмушта пайдаланайын деп, Ыйык Рухтан суран. Ошондо сен көп өтпөй эле, забур, ырдоочу менен бирге: „Сенин Сөзүң – менин кадамыма жаркыраган шам“ деп айта аласың. Библияны сыйынып окуу ылайым сенин турмушуңа бекем орносун.

## *Сыйынуудагы туруктуулук*

Библияны окууга сыйынууну да кошуу керек. Бул сен үчүн кыйындай, шайтан сенин оозуңду жаап, бүт ойлоруңду аралаштырып салгандай сезилет. Сыйынуу мезгилинде уйкуң келет. Эгер ушинтсе, катуу үн менен сыйын! Кооздоп сыйынуу керек

эле деп ойлонбой эле кой. Маселе кооз сөздөрдө эмес. Кудай жүрөккө ишенет. Сыйынып жатканың олдоксон десең – ал күнөө эмес. Чын жүрөгүңдөн сыйын, Теңирге оюңдагынын баарын айт.

Эмне жөнүндө сыйынууну билбесең, Кудайдын Сөзү жардам берсин. Окуганыңды сыйынууга айлант. Сен окуган Сөздөн сура: „Мен ушундаймынбы? Мен муну билеминби?“ Эгерде сен андай эмес экениңди билсең, муну сыйынууңдун негизи кылып ал. Ошентип, Библиянын жардамы менен сен сыйынганды үйрөнүп аласың.

### *Кудайдын балдары менен мамиледе болуу*

Кудайдын балдары менен катташ. Жашаган жериңде ишенгендер жыйын бар болсо, ага бар да, сени менен жана сен жөнүндө сыйынуусун улуу – кичүүлөрдөн суран. Жакын жерде сыйынуу үйү жок болсо, Кудайдын балдары менен катташып, алар менен бирге Сөз окуп жана сыйынуу үчүн ар бир мүмкүнчүлүктү пайдалан. Бул сенин жан дүйнөңдү жандандырат, бекемдейт. Эгерде жакын жерде сыйынуу үйү же библиялык ийрим жок болсо, анда рухий адабияттарды оку, конференцияларга бар. Мындай кылууга азыр толук мүмкүнчүлүк бар.

Бирок эң башкысы – Ыйсага жакын бол. Кара жин жөнүндөгү Ыйсанын накыл кебин эсте. Анда жин адамдан чыгып, суусуз жайлардан тынчтык издеп таппайт да, бош, шыпырылган жана жайнаштырылган, мурун чыгып кеткен үйүнө кайра кайтып келет. Анан өзүнө ашынган жети жинди

кошуп алат. Эми ошол адамга мурдагысынан да өтө жаман абал туш болду.

Бул накыл кеп бизди Ыйсанын жанында, Анын Ыйык Рухунун таасири астында болууну эскертет. Эгерде биз коргоосуз калсак, душман кайтып келет да, эски көйгөй кайталанат.

## *Кудай менен алака (союз)*

Шайтандын кишенинен бошонгуң келсе, Кудай менен алакаңды чыңда жана Аны менен дайыма бирге бол. Мындай деп сыйын: „Ыйса, мен сендикмин, Сен – мендиксиң. Менин жүрөгүмдө кал, акыркы демиме чейин бардыгын Сени менен бирге жасагым келет“.

Кайраттан, шайтандын кишенинен бошонсо болот.

Муну көптөгөн күбөлүктөр ырастайт. Ошолордун бири бул:

„Он эки жыл мурда кызыкчылыктан улам, карта менен төлгө ачууга жөнөдүм, 4 жыл мурда болсо, кыйма оорусун „дарымдап коюшту“. Төлгө ача баштагандан бир нече айдан кийин, кокусунан эле өзүмдү өлтүрүү жөнүндө ой ээрчип алды, эч кандай себеби жок эле үйдүн 4 – кабатынан аз жерден боюмду таштап жибере жаздадым. Ошондон бери өмүрүмдү кыюу жөнүндө ой бир нече ирет кайра келип, кээде бул ой катуу ойлондурганданбы, акылымды алдырып коемунбу деп коркчумун. Ал эми тышкы абалым эң сонун болбосо да калбаат, токтоо эле. Өмүрүмдү кыюу жөнүндөгү ой менен акыркы күрөш өткөн жылдын август айында, суугa

чөккүм келгенде болду. Ошондо өзү менен байланышкан ар бир адамды чынжырлаган караңгы күчтөр жөнүндө окудум жана уктум. Мен абдан тынчсыздандым, көп өтпөй жанымды коерго жер таппай, күнү-түнү сыйынып калдым, болбосо эс-акылдан тайып, өмүрүмдү кыйып алмакмын. Бир жолу уйкусуз түндүн биринде куткарылдым: менден кишендер түшкөнүн туйдум жана көңүл көтөрүлүүнү сезгендей да болдум. Анан эле керемет бейпилдикке тунуп, узак мезгил умтулуп келген сакаюуну айкын сездим.

Ошондон бери башка адаммын, Теңирдин калкалоосун сезем да кыжырдануумду, чыдамсыздыкты ж.башкаларды жеңүү үчүн, Андан күч-кубат алам. Өткөнгө мактоо жана ыраазылык менен көз кырымды таштап, келечекке үмүттүү карайм“.